5 ЗАГСка молдо тургузсун



7 Укугу бузулган укук коргоочу...




# САРЕСЕП

4-февраль, 2016-жыл
№04 (37)
saresep.kg
Калыс көз караш!




Дүйнө жаш өлкөлөрдүн күчтөнүүсүнө муктаж

4-бетте



Ыйманы качкан кыргыз жаштары

6-бетте



Миң момундун 900үн мусулман өлтүрөт

12-бетте



## 500 миллиондук бай базар ачылды

3-бетте




# Евробиримдик Кыргызстанга акыры GSP+ системасын берди

Ушул жылдын 26-январында Евро Кеңеш жана Евробиримдик Кыргызстанга GSP+ статусун (Жалпы жеңилдиктер системасы – ЖЖС+) берүү маселесин карап чыккандан кийин, Кыргызстанга жогорудагы макамды берүү тууралсыдагы чечимин официалдуу бюллетенине жарыялады. Бул чечим 2016-жылдын 27-январынан баштап күчүнө кирди. Бул тууралуу Евробиримдиктин Кыргызстандагы өкүлчүлүгү билдирди.

Көбөйтүлгөн GSP+ жеңилдиктери 6000ден ашык товардык позицияларга тарифтердин толугу менен жок кылынышын билдирет. Кыргыздын экспортчулары Евробиримдикке нөл тарифтик ставкасы менен мөмө-жемиштерди, кайра иштетилген мөмө-жемиштерди(консервалар, ширелер), кургатылган кактар (жаңгак, бадам, мисте) сыяктуу айыл-чарба өндүрүмдөрүн, азык-түлүк өндүрүмдөрүн, тамеки өндүрүмдөрүн, текстиль, кийизден жасалган өндүрүмдөрдү, кийимдерди (мунун ичинде териден жасалган буюмдар да бар) жана килемдерди киргизе алат .

Бул Евробиримдик тарабынан киргизилген бир тараптуу чара. Ал эми Кыргызстанга Евробиримдиктен кирүүчү импортко карата бажы тарифтери өз күчүндө калат.

Улуттук стратегияларды изилдөөчү институттун директору Талант Султановдун айтымында GSP+ту алуу менен Кыргызстанда атаандаштыкты жеңүү боюнча кадыресе мүмкүнчүлүктөр пайда болот. Келечекте Евробиримдикке өндүрүмдөрдү экспорттоонун көлөмү көбөйөт. “Биринчиден, Евробиримдиктин бүткүл рыногуна болгон нөл пайыздык пошлинанын болушу ишкерлерди кызыктыруунун потенциалдык фактору болуп саналат. Экинчиден ЕБ 2014-жылы GSP+ абалын пайдаланган 179 өлкөнүн санын 89га азайтып салган. Кандайдыр бир кыйынчылыктар да туулушу мүмкүн. Биринчиден бул системаны пайдаланыш үчүн экспорттоочу жергиликтүү өндүрүштөн чыккан өндүрүмдөрүн сертификатташы керек. Өкмөт жана СӨП (Соода өндүрүш палатасы) өз учурунда сертификаттарды бериши керек. Ошондой эле өндүрүмдүн сапатына болгон талап дагы күчөйт”, - деп эсептейт ал.



# Кайсыл учурда камсыздоо төлөмдөрү жүргүзүлөт

Мамлекеттик финансылык рынокторду көзөмөлдөө кызматынын аткаруу кеңешинин мүчөсү Нурбек Байбосунов кайсыл учурда камсыздоо төлөмдөрү жүргүзүлөрүн билдирди.

1) Өрт (түтүн, жалындын таасири, жогорку температура);

2) Өрттү өчүрүүдө укуктук аракеттердин натыйжасында суунун кириши;

3) Жаратылыш кырсыктары:

А) Жер титирөө; Б) Сел; В) Дарыялардагы суунун өз деңгээлинен ашып кетиши; Г) Бийик тоолордо жайгашкан көлдөрдөгү тосмолордун жарылышы; Д) Кар көчкү; Е) Тоо тектеринин кулашы; Ж) Жер көчкү; З) Таш көчкү; И) Жер астындагы суулар көтөрүлүп каптап кетүү; К) Катуу шамал; Л) Тынымсыз жаан-чачын; М) Катуу жааган нөшөр; Н) Кардын адаттан көп түшүшү; О) Мөндүр;

4) Милдеттендирилген мамлекеттик органдын чечими менен камсыздандырылган туражайды жаратылыш кырсыгы жок аймакка бузуп-көчүрүү.



# 994 адам кайрадан жазык өткөрүп жатат

Жакында эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына жаза аткаруу жаатында абал кандай экендиги тууралуу кайрылуу жолдогонбуз. Буга ал тараптан төмөнкүдөй жооп келди:

«Саресеп» гезинин башкы редактору Эсен Өмүракуновго

Сиздин кайрылууңуз боюнча төмөнкүлөрдү билдиребиз: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазык аткаруу мамлекеттик кызматынын мекемелеринде жана жазык – аткаруу инспекциясында 2013-жылдын 31-декабрына карата 15274 адам, 2014-жылдын 31-декабрына карата 14 287 адам жана 2015-жылдын 31-декабрына карата 14 977 адам каттоодо турган.

Жазык аткаруу мамлекеттик кызматынын мекемелеринен 2013-жылдын 31-декабрына карата 1962 адам, 2014-жылдын 31-декабрына карата 2353 адам, 2015-жылдын 31-декабрына карата 1639 адам Кыргыз республикасынын мыйзамдарына ылайык бошотулган.

Ал эми жазык – аткаруу инспекциясынын 2013-жылдын 31-декабрына карата 4942 адам, 2014-жылдын 31-декабрына карата 5615 адам, 2015-жылдын 31-декабрына карата 4716 адам Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бошотулуп, каттоодон чыгарылган.

2016-жылдын 1-январына карата кайрадан кылмыш жасагандарына байланыштуу соттун өкүмү менен Жазык аткаруу мамлекеттик кызматынын мекемелеринде жаза мөөнөттөрүн өтөп жаткандардын саны 994 адамды түзөт.

*Төраганын биринчи орун басары О. Энтериев*





# Кыргыз, өзбек, дунган, тажиктер көбөйүүдө

2011-2015-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасында жашаган кыргыздардын, дунгандардын, өзбектердин жана тажиктердин сандык өсүшү жогору болгондугу тууралуу Улуттук Статкомдун отчётунда айтылган.

2015-жылдагы калктын жалпы өсүшүн 2011-жылга карата салыштырганда 2011-жылдын башында кыргыздар 8 пайызды түзсө, 2015-жылы 9 пайызды түзгөн. Натыйжада кыргыздардын жалпы калктын өсүшүнө карата болгон салмагы 2011-жылы 72 пайызды түзсө, 2015-жылы 73 пайызды түзгөн.

Ошондой эле дунган, өзбек, тажиктердин саны 9-10 пайызга көбөйсө, азербайжан менен уйгурлар 8 пайызга көбөйгөн. Түркмөндөр менен түрктөр 4-5 пайызга көбөйгөн.

Республикабызда болуп жаткан миграциялык процесстер айрым бир улуттардын санынын кыскарышына алып келген. Эгерде 2011-жылдын башында орус калкынын санынын өсүшүнө карата салмагы 7,2 пайызды түзсө, 2015-жылдын башында бул сан 6,2 пайызга түшүп кеткен. Украиндердин саны 0.3 пайыздан 0.2 пайызга төмөндөгөн. Бирок миграциялык процесстердин күчөшүнө карабай өлкөдө узак мөөнөттөн бери жашаган улуттардын өкүлдөрү сакталып келе жатат.



# ИИМ чуулгандуу сүрөт тууралуу түшүндүрмө берди

Ички иштер министрлиги чоң ашканада эшектин кесилген башын кармап сүрөткө түшүп, интернетке жарыялаган адам Кыргызстандан эмес экенин билдирди.

1-февралда “Фейсбуктагы” «Компромат кг» тобунун колдонуучусу азият түспөлүндөгү аялдын жогоркудай сүрөтү менен бөлүшкөн.

Бул көрүнүш социалдык түйүндө курч талкуу жаратып, бир катар интернет басылмаларында да көңүл борборунда болгон. Өлкөдөгү коомдук тамактануу жайларында эшектин этин колдонгон учурларга дале чекит коюла элек деген наааразы пикирлер көп айтылган.

Милиция аны жарыялаган адамды издөөгө киришип, сүрөттү орусиялык «В Контакте» түйүнүнө Казакстандын Арман аттуу тургуну 29-январда чыгарганын аныктады.

Былтыр Кыргызстанда эшек этине байланышкан жаңжал чыгып, бул жаныбарды баккан бир нече фирманын иши ашкереленген болчу.

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов

**Жоопту редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6900**
**Буйрутма № 218**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# 500 миллиондук бай базар ачылды

Жогорку Кеңештин депутаты, Эл аралык мамилелер коопсуздук жана коргоону боюнча комитетинин төрагасынын орун басары Абдувахаб Нурбаев Кыргызстанда өскөн экологиялык таза продукцияларды экспортко жөнөтө аларыбызды жана ошондой эле башка мамлекеттерге окшоп санына гана көңүл бурбай, сапатына көбүрөөк басым жасасак утабарыбызды төмөнкүчө билдирди. “Биздин Кыргызстанга 500 миллион калкы бар чоң базар ачылганы турат. Сатып алуу мүмкүнчүлүгү чоң, бай мамлекеттердин эшиги ачылууда. Эми биз экологиялык таза органикалык айыл-чарба продукцияларын экспортко жөнөтө алабыз. Ошол эле бизде өскөн төө бурчакты да жөнөтүүгө болот. Анткени түрктөр буга чейин эле биздин төө бурчакты сатып алып, Европа мамлекеттерине сатып келген. Ошондой эле түштүктө өскөн кургак мөмө-жемиштерди жөнөтө алабыз. Мисалы, өрүк, алма сыяктууларды. Тез арада ошол Евробиримдиктеги 28 элчиликтерге атайын соода агенттиги бөлүмүн ачып, биздин продукцияларды кандай талап менен аларын изилдеп билишибиз керек. Өлкөдөгү дыйкандар, өндүрүүчүлөр жана ишкерлер менен алардын ортосунда көпүрө болуп бериш керек. Жакынкы арада бизнес ассоциаларды чогултуп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүшүбүз керек. Экономика министрлиги тез арада бул маселени колго алуусу зарыл. Анткени азыр жаңы мүмкүнчүлүк пайда болуп жатат. Бизде буюрса, Евразиялык Экономикалык Биримдике кирген мамлекеттердин өндүрүмдөрүн сатып алып, бир сыйра иштеп чыккандан кийин кайра Евробиримдикке сатканга мүмкүнчүлүк бар.



Биринчиден, биз ишкерлерге көбүрөөк шарт түзүп беришибиз керек. Анткени ар бир ишкерибиздин мүмкүнчүлүгү жок болушу мүмкүн. Бирок экономика министрлиги менен элчиликтер катуу иштеши керек бул жерде. Эң биринчи товарларга боло турган талап бул органикалык продукциялар. Бизде органикалык товарларды жөнөтүүгө мүмкүнчүлүк бар. Мисалы биз Европа, Белоруссия, Казахстан мамлекеттериндей болуп сан жагынан конкуренция кыла албай калдык. Бул мамлекеттер көп товарларга химикаттарды колдонуп сан жагынан өсүп кетти. Биз сан жагына аракет кылбай, сапатына аракет кылып, сапаты менен бул мамлекеттерди утушубуз керек. Анткени дүйнө жүзүндө органикалык тамак-ашка өтө эле көп көңүл бурулууда. Ошондой эле органикалык товарлардын баасы эки эсе кымбат болот. Ошол себептен биз ушуга көбүрөөк басым жасасак жакшы болот”.

# Компаниянын кирешеси 2 млрд. сомдон ашык

«Мегаком» уюлдук компаниясын сатыкка чыгаруу чечимин Өкмөт шейшемби күнү жарыя кылды. Ага мамлекет компаниянын өнүгүшү үчүн сарптала турган чыгымдарды көтөрө албай тургандыгы себеп болууда. Экономика министри Олег Панкратов: “Атаандаштык күч алып турган чакта, мамлекет атаандаштыкка туруштук бере албай, уттуруп коюшу мүмкүн”, - деп билдирген. Буга жараша Панкратов аукционду ачык, таза өткөрүүнү жана бардык потенциалдык инвесторлорго аукционго катышууга шарт түзүп берүүнү убада кылды.

Компаниянын баштапкы наркы 18-19 млрд. сом, же 306 млн. долларга бааланууда. Арыздар 3-майга чейин кабыл алынат. Андан соң компания ачык аукционго чыгарылмакчы.

Жаш ишкерлер ассоциациясынын аткаруучу директору Руслан Акматбек учурда өлкөдө абройлуу компания жоктугуна байланыштуу, “Мегаком” чет элдик инвесторлордун колуна толугу менен өтүп кетет деп божомолдойт.

– Компанияны абройлуу, репутациясы таза, бул тармакта тажрыйбасы мол эл аралык компанияга сатуу туура. Бирок буга чейинки тажрыйба көрсөтүп келгендей, сатуу иштерин мамлекет дыкат көзөмөлдөй албайт. Ошондуктан бул жаатта тажрыйбасы мол эл аралык консалтинг компаниясын чакырып, ошолорго саттырса болмок. Алар сатып гана бербей, иштөөсүн дагы көзөмөлдөйт. Кыргызстанда мамлекеттин менчигинде болгон бир дагы компания 100 пайыз монополияга ээ болгонуна карабай, дайыма банкрот алдында туруп, жылды чыгаша менен аяктайт. Мисал катары, электр чыгарып саткан компанияларды алсак. Алардын товары 100 пайыз сатылат. Монополияга толугу менен ээ. Атаандашы жок. Бирок, кирешеси минималдуу. Мына ушундан улам мамлекет начар менеджер экенин өзү далилдеди десек болот. Мамлекеттин менчигиндеги компаниянын ийгиликсиздигинин бирден-бир себеби мамлекет өзү көзөмөлдөп жаткандыгында.

Көйгөйдүн баары мамлекет кийлигишкенинде болуп атат. Мамлекет кийлигишкен жерде коррупция, иштин сапатсыздыгы, эффективсиз башкаруу болууда. Ошондуктан мындай кирешелүү компанияны такыр эле чачыратып, таратып сала электе жеке компанияларга сатыш керек. Компания чет элдик жана эл аралык компанияларга сатылышы мүмкүн. Анткени биздин баамыбыз боюнча Кыргызстанда бул компанияны сатып алууга кудурети жете турган, абройлуу компания жок. Мамлекет албетте, кандайдыр бир бөлүгүн, маселен Казакстандын, Орусиянын тажрыйбасын карап, өзүнө алып калса болот. Бирок башкарууну сөзсүз жеке компанияга өткөрүп бериши керек.

Маалымат катары, "Альфа Телеком" ЖАК 2009-жылдын июнь айында түзүлгөн. Баштапкы ээси Алексей Елисеев болгон. Убактылуу өкмөт 2010-жылдын май айында "Альфа Телеком" ЖАКтын акциясынын 49 пайызын улутташтырган. Калган 51 пайызы Елисеевдин менчигиндеги “Southfield Management Inc” жана “Vesatel United Limited” компаниясынын ээлигинде калган. Өткөн жылдын июль айында акциялардын 51 пайызы аресттен чыгарылып, ишкана акцияларынын 100 пайызына мамлекет ээлик кылуусуна мүмкүнчүлүк берген.

Компаниянын өткөн жылкы кирешеси 2 миллиарддан ашуун сомду түзгөн.


Сүрөт ▸ vb.kg

# «Центеррадагы» өкүлдөр 500 миң доллар беришкен

«Кыргызалтын» ишканасынын мурунку жетекчиси Токон Мамытов «Кумтөр» алтын кенинин айланасындагы иштер тууралуу: «Учурда «Кыргызалтын», «Центерра» жана өкмөттүн ортосундагы сүйлөшүүлөр туңгуюкка кептелип калганда ««Центерранын» директорлор кеңешинин курамындагы кыргыз тараптын өкүлдөрүн алмаштыруу маселеси көтөрүп жатат. Мен директорлор кеңешинде Кылычбек Шакиров, Эмил Орозобаев, Калыйнур Садыровдор болушу керек дегенден алысмын. Аларды алмаштырбаса деле май айында иштөө мөөнөтү бүтөт. Бирок, мен ушундай оор кырдаалда аларды алмаштырбай эле коё турса деп сунуштагам.

Бул үч кызматкерди мен даярдаган эмесмин. Аларды мындан үч жыл мурун өкмөт өзү сунуштап, «булардан мыкты адам жок» деп өзү бекиткен. Кыргыз тараптын өкүлдөрүнүн аткарган иштери тууралуу айтсам, алар буга чейин бир топ пайдалуу иштерди жасады. Анткени тарыхта биринчи жолу «Кыргызалтын» «Центерра» бурчка такап, «Кыргызстандын талаптарына көнөсүңөр» деп мажбурлашына дал ошол үчөө жардам берген. Директорлор кеңешинде иштегендердин айлык маянасы өтө жогору. Айына 15-20 миң доллар алат. Шакиров, Орозобаев жана Садыровдор ошол айлык маяналарын «Кыргызалтындын» кассасына салып, жарым миллиондой доллар чогултушту. Мына ошол каражаттын эсебинде биз эксперттерди жалдап «Центерра» менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөнбүз.

Бул үч өкүлдүн тарбиясы башкача. Чет өлкөдө билим алып, чет жерде иштеп жүрүшкөндүктөн менменсинишпейт. Кыргызстан үчүн кандай иш жасагандарын өздөрү айта алышпаса да, биринчилерден болуп «Кыргызалтын» айтып чыгышы керек эле. Жаңы өкүлдөрдү деле шайласак болот. Бирок, алар «Центерранын» иши менен таанышып, карманган багытын тактаганча убакыт өтүп кетет. Менин оюмча айлык акы жогору болгондуктан, бул орунга кызыкдар адамдар дагы болушу мүмкүн.


Сүрөт ▸ vb.kg



Кытай юанынын түшүүсү бүт дүйнөгө таасир берүүдө

# Дүйнө жаш өлкөлөрдүн күчтөнүүсүнө муктаж

Улуттук акчанын башка валюталарга караганда өйдө-төмөн болуп туруусу анын «тирүүлүгүнүн» далили. Бирок акчанын атайын өтө тез кулоосу, же тетирисинче тез жогорулоосу анын алсыздыгынын ичтен же сырттан атайын башкарылып жатканынын ишараты

## Акчанын туруктуулугу нормалдуу көрүнүш эмес

Валюталардын өйдө-төмөн өзгөрүп туруусу ондогон, керек болсо жүздөгөн жылдардан бери адатка айланган көрүнүш. Алтынга байланып турган АКШ долларынын 1970-жылдардагы Бреттон-Вуд системасы тарабынан агытылуусунан кийин акча алмаштыруу курстарынын өтө ыкчам өзгөрүүсү дүйнөнүн каржы базарынын айныгыс тагдырына айланган. 1970–1980-жылдардагы бүт дүйнөгө жайылган валюта кундарынын төмөндөө доорунда туруктуу валюталарга карата башка акчалардын урап түшүүсү адат болуп калган. Бул жылдарда гана эмес, жакынкы эле 1990–2000-жылдар аралыгында дүйнө мамлекеттеринин 10-20%ынын валюталарынын өтө төмөндөп, же толугу менен кыйрап түшүүсү катталбаган бир да жыл болгон эмес.

2008-жылдын аягында жана 2009-жылдын башында каржы кризисинен улам дүйнөгө жайылган башаламандыкты эске албаганда, 2000-жылдардан кийин дүйнөлүк акча базарында таң калыштуу мемирөө өкүм сүрүп турган. 2004–2014-жылдар арасында кандайдыр бир улуттук валютанын таптакыр кыйрап калуусу дээрлик катталган эмес. Бирок өткөн жылдагы окуялар акыркы он жылдыкта валюталык кыйроо катталбаганынын эсесин чыгарып, өзүнүн айныгыс эрежесин далилдегени турабы деп ойлойм.

## Акча алсыз болсо да экспорт арткан жок

2004–2014-жыл аралыгында бир дагы улуттук валютанын урабаганы жалпысынан алганда эл аралык каржы базарында сатылган туруктуу валюталардын пайызынын төмөн жана туруктуу болуусуна байланыштуу. Ошондой эле өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө акча каражаттарынын агып кирүүсү, чийки заттарга болгон талаптын жогорулоосу жана 2008–2009-жылдагы экономикалык кризиске кабылбаган өлкөлөрдүн экономикаларынын ыкчам өнүгүүсү да улуттук валюталардын туруктуу болуусуна шарт түзгөн. Бул убакта көп мамлекеттердин негизги көйгөйү өздөрүнүн акчаларынын америкалык долларга жана башка соода өнөктөштөрүнүн валюталарына караганда күчтүү болуп кетпөөсүн камсыздоо гана болуп калган.

Бул абал 2014-жылы өзгөргөн. Жалпы дүйнөлүк экономиканын шарттары начарлап кеткендиктен, улуттук валюталардын уроосу күч алган. Ошол кезден баштап дүйнөлүк каржы жадыбалына кирген 179 өлкөнүн дээрлик жарымынын акча куну америкалык долларга карата 15%дан төмөн түшүп кеткен. Ооба, ийкемдүү валюта курстары атайын толук, же жарым жартылай кармалган кунга караганда каржы саясатына тиешелүү бир топ терс маселелерден сактайт. Бирок улуттук валютанын кунунун төмөндөөсү мурункудай импорт азайып, өлкөнүн ички өндүрүшүн жандандырууга сөзсүз шарт түзөт деген эреже азыр иштебей калган сыяктуу. Жалпысынан алганда, валютасы төмөндөгөн мамлекеттердин экономикасы араң жан бойдон кала берүүдө.

## Киндиги туташ экономикалардын кыйроосу

Жалпылап караганда 2014-жылдын январынын тартып, 2016-жылдын январына чейин жогоруда айтылган өлкөлөрдүн акчаларынын куну американын долларына салыштырмалуу 35% төмөндөп кеткен. Акчасынын куну мындан да төмөн түшүп кеткен өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн көбүндө, улуттук валютанын төмөндөөсү айыкпай турган экономикалык дарттарды ого бетер ырбатып жиберген. Айрыкча, насыялардын америкалык валюта менен алынганына байланыштуу карыздардын артуусуна алып келген.

Ар кандай мамлекеттердин экономикасы бири-бирине тыгыз байланышып калган азыркы учурда валютасынын куну урап түшкөн өлкө башка өлкөлөрдүн экономикасына да терс таасирин тийгизүүдө. Мисалы, 1994-жылы Кытай бир нече деңгээлге бөлүнгөн акча алмаштыруу системасын бир өңчөй кылган. Ошол эле маалда юандын кунун 50 пайызга төмөндөткөн. Бир караганда Кытайдын өзүнө гана тиешелүү сыяктуу көрүнгөн бул девальвация АКШ долларына байланган Таиланд, Корея, Индонезия, Малайзия жана Филиппиндердин атаандашуу мүмкүнчүлүктөрүнө балта чапкандыгы тууралуу далилдер бар. Бул мамлекеттердин акчаларынын кытай юанына карата бир убакта жогорулоосу Түштүк Азияны толугу менен каптаган 1997-жылкы экономикалык кризиске жол ачкан.

## Кытайдын да убадасын көзгө илбеген каржы базары

Атайын жогору кармалган, же атайылап жогорулатылган валюталык курстар келечекте болчу каржы көйгөйлөрүнүн эң жакшы кабарчысы. Ошондон улам биз өзүбүзгө 1994–1997-жылдардагы азиялык кризиске окшогон кризистин алдында турабызбы деген суроону бергенге мажбурбуз. Бирок азыр ролдор алмашкан. 2014-жылдын башынан бери АКШ долларына карата юань 7,5% гана кунун жоготкон, бирок ошол эле убакта евро 25%га түшүп кеткен. Бул жерде акчаларынын куну мындан да төмөн түшүп кеткен, жаңы телчигип келе жаткан мамлекеттер тууралуу сөз кылбай эле коё туралы. Кытайдыкындай экономикасы өндүрүшкө негизделген өлкөнү алганда, атайын жогорулатылган курс менен экономикалык өсүүнүн тыгыз байланышын көңүлдөн чыгарып коюуга болбойт.

Былтыркы жылдын август айында Кытай юандын кунун аста-аста төмөндөтүп, ийкемдүүлүгүн жогорулатарын жар салганда каржы базарлар көчкү түшкөндөй эле төмөнду көздөй шыпырылып кетти. Каржы базарларынын дүрбөлөңүн азайтам деген кытай өкмөтү «Кытай бул багытта эч шашылбай, этап-этабы менен, өтө жай аракет кылат» деген убадасын берди. Бирок мындай жети өлчөп бир кесилген каржылык саясаттын да коркунучу бар экенин бул аймактагы 90-жылдардагы кризис далилдеп кеткенин эч ким унута элек.

Албетте, акыркы эки жылдан берки валюталык ыдыроонун, «кошунанын банкротко учуроосу» деп аталган окуянын терс илеби Кытайга гана тийип тим болбойт. Анын кесепети азбы же көппү атайын кармалган валюталык курсу бар ар бир мамлекетке тийиши мүмкүн. Айрыкча мунай, газ, же дагы ушул сыяктуу бир өңчөй чийки зат өндүрүшүнө байланып алган өлкөлөр үчүн өтө коркунучтуу.

Деги, Кытай башка мамлекеттерден эмнеси менен айрымаланып турат? Кытай башкалардан –дүйнөлүк жалпы дүң өндүрүмдүн (ИДӨ) үлкөн үлүшү менен жана башка өлкөлөрдөн чийки заттарды алуусунан тартып, түз же кыйыр каржылоосуна чейин көз каранды болгон ар түрдүү мамлекеттерге тийгизген таасири менен айрымаланып турат. Мындан да кеңири натыйжалоочу ойду айтуу жеңил. Учурда өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн үлүшү дүйнөнүн ИДӨсүнүн 60%ын түзөт. 1980-жылдардын башында бул көрсөткүч 35% гана болгон. Ошондуктан дүйнөнүн экономикасынын кайра туруктуу нукка түшүүсү үчүн мурункуга караганда кеңирирээк географиялык аймакка таянуусу керек. Улуттук валюталардын кайрадан кыйроо дооруна кайтып келүүсү бул максатка жетүүнү бир топ оорлоштурушу мүмкүн.

Кармен Рейнхарт (Carmen Reinhart)
Project Syndicate, АКШ

Которгон ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# ЗАГСка молдо тургузсун

Жаштар үй-бүлө куруудан мурда нике күбөлүгүнө ээ болуусу керек. Болбосо алардын никесин кыйган дин өкүлү кылмыш жазасына тартылат. Мындай мыйзам ай башында Жогорку Кеңештин депутаты Аида Саляновванын демилгеси менен коомдук талкууга коюлган

Буга эл ичинен ар кандай пикирлер айтылып келет. Кай бири "аталган мыйзам бир канча социалдык маселелердин чечилерине өбөлгө болот" деп кош колдоп сүрөп отурса, дагы бири "дин эрежелерине жат келет" деген пикирин таңуулоодо. Айтор, аталган мыйзам долбоорунун тегерегинде дагы сөз кылар маани арбын.

### 15 жашар кыз менен 50 жаштагы адамга нике кыйган туурабы?

Маселени түпкүрүнөн көтөрүп чыккан **Аида Салянова** эрезеге жетелек кыздардын укугун коргоо менен бирге, эрксиз никеге баш ийип, эрте көз жарган секелек кыздардын кызыкчылыгын биринчи орунга чыгарган. Ал эгер мындай кырдаал болсо, бир эле имам эмес, алгач ата-эне менен мугалим кылмыш жоопкерчилигине тартыларын айта кетти.



– Аталган мыйзам бир нече көйгөйдү чечүүгө багытталган. Үй-бүлөдөгү чыр-чатак, зордук-зомбулук, балдардын кароосуз калуусу, 14 жаштагы кыздын көз жарып жатканына ушул нике маселеси түздөн-түз себепкер. 14-15 жаштагы кыз физикалык жактан дагы, психикалык жактан дагы көз жарып, бала тарбиялаганга даяр эмес. Бул илимий жактан эбак тастыкталып бүткөн. Ошондуктан бардык өлкөлөрдө 18 жаштан кийин гана турмушка чыгууга уруксат берилген. Себеби, мындай жаш кыздар өз укугун коргой албайт дагы, коргогонго кудурети жетпейт дагы. Ушундан улам суицид маселеси дагы келип чыгууда. Эң негизгиси, жаш кыз бактылуу балалыктын бал даамынан ажырап калууда. Мына дал ушул кыздар расмий никеге турбай, диний жол менен нике кыйдырып жашап калгандар. Анткени расмий каттоого турууга 18 жаштан кийин гана уруксат берилет. Андан сырткары, азыр үй-бүлө кодексинде мыйзам бузуу болуп жаткан экинчи көйгөй да бар. Ал эки же андан көп аял алуу маселеси. Мындай фактылар ачык эле кайталана баштады. Мен көтөрүп чыккан демилге дал ушул маселенин дагы алдын алат. Азыр өлкөдө ар бир үчүнчү нике расмий эмес. Кокус жубайлар ажырашып калышса, аял жолдошу менен биргеликте жыйган мүлкүнөн, жер үлүшүнөн ажырап, балдарына дагы алимент ала албай калат. Анткени алардын никеде болгонун тастыктаган документ жок. Мыйзамда жалгыз гана молдонун эмес, мугалимдердин дагы, ата-эненин дагы, өкмөттүн дагы жоопкерчилиги каралган пункт бар. Диний жол менен нике кыюуга эч ким каршы чыккан жок. Ал ар бир мусулмандын милдети, парзы. Бирок, баарыбыз бир мамлекеттин жараны болгондуктан, бир Башмыйзамга баш ийип, мугалим болобу, молдо болобу, өз жоопкерчилигин сезиши керек. Маселен, 15 жаштагы кызды 50 жаштагы адамга шарият жолу деп нике кыйып койгон туура болобу?

### Кыргызстан бул боюнча алдыңкы орунда

Атайы уюмдардын изилдөөсүнө ылайык, 35 мамлекеттин ичинен 15-18 жаштагы кыздардын турмушка чыгуусу боюнча Кыргызстан 5-орунда турат. Жылына 16 миң ымыркай жарык дүйнөгө келсе, алардын үчтөн бири жарандык никеден төрөлгөн балдар. Ал эми жетиле элек 15-18 жаштагы кыздардан 1300 бала төрөлгөн. Бирок канча кыз 18 жашка чейин расмий эмес турмушка чыккандыгы тууралуу так маалымат жок.



### Эркекке 4 нике кагазын алганга уруксат берсин

Айрым жарандык активистер бул маселени тикесинен көтөрүп чыкты. Көтөргөндө да мурунку мыйзамды четке кагып, башка нуктагы жаңы мыйзамды сунуштоодо. Мисалы, алардын бири **Абдувалиев Зарылбектин** оюу Салянова айымдын оюна кайчы келди. Ал жогоруда айтылган социалдык маселелердин түпкүрү жарандык никеде эмес. Тескерисинче, аталган мыйзам кабыл алынып калса, накта ошондо көйгөй жаралат деген пикирин айтты.



– Бул мыйзам жаш кыздардын укугун коргогону менен, жашы өтүп, бирок турмуш кура элек кыздардын укугун тепсегендей элес калтырып жатат. Анткени коомубузда мындай кыздар көп. Алар ар кандай шартка байланыштуу турмуш курбай келген. Натыйжада, аларга өзү теңдүү, бойдок эркек калбагандыктан, расмий нике менен жашаган, бир үй-бүлөсү бар эркектер менен баш кошууга туура келет жана ушуга өздөрү макул болот. Анткени алар дагы турмуш куруп, балалуу болгусу келет да. Мына ушул шарияттa да жол берилген нерсе. Азыр мындай окуялар арбын эле катталып жатпайбы. Эгер буга тыюу салып койсо, алар сөзсүз ойноштукка барат. Жазылган мыйзамдар коомубуздун бардык катмарынын кызыкчылыгын коргогон мыйзам болушу керек. Анда эркектерге төрткө чейин нике күбөлүккө ээ болуп, үч же төрт аял менен расмий каттоодо тургангa уруксат берилсин. Менин бул мыйзамга каршы чыгып жаткан жерим жок. Мен дагы Кыргызстандын атуулу катары колдойм, бирок бир аз өзгөртүүлөрү менен...

### 15теги кызды коюп, 3төгү кызды коргоп алалычы!

Эл мыйзамдын чийки-бышыгын аныктагандан мурун "Имам кантип кылмышкер болсун? Шарияттын бир талабын аткарып жатканы үчүн жооп берип калабы?" деген суроолор менен тынчсызданууда. Бирок андагы жетиле элек кызды турмушка берип, же татыктуу тарбия бере албаган ата-эненин жоопкерчилиги тууралуу мыйзам беренеси көз жаздымда калгандай. **Коомдук ишмер Айжан Акылбекова** буга ислам дини менен адамдардын ортосуна жарака кетирүүнү көздөгөн үчүнчү топ себепкер деген пикирде.



– Албетте өлкөгө мыйзам керек. Адамдар бир мыйзамга баш ийип жашаш керек. Антпесе тартип болбойт. Бирок бийлик башындагылар мыйзам чыгарып жатканда, адамдарга тартип орнотуу менен Кудайдын мыйзамына да каршы чыкпашы керек. Ошол чек арадан өтпөшү керек. Талашып-тартышып жаткан маселени кимдир бирөө ойлоп чыгардыбы, же Жараткандын мыйзамыбы деп аныктап алсак. Бул мыйзам өтө кылдат ойлонуштурулуп сунушталган экен. Анда ата-эне, мугалимдин дагы жоопкерчилиги каралган. Мунусу абдан туура. Анткени алгач тарбияны ата-эне, андан кийин мектеп берет. Бирок элдер бир гана молдо жооп берет деп түшүнүп алыптыр. Чындыгында андай эмес. Менимче коомдо ислам дини менен жарандар ортосунда каршы пикир жаратуучу күчтөр иштеп кетти. Бир жагынан бул мыйзам 18 жашка чейинки кыздардын укугун коргогон мыйзам катары сунушталууда. Алар зордук-зомбулукка кабылып жатат деп айтылып жатат. Бирок 15 жаштагы кыз эмес, 3 жаштагы кыз туугандары, жадагалса, ата-энеси тарабынан зордукталып жаткан фактылар катталып эле жатпайбы. Биринчи ушу бечараларды укугун коргоп алсак жакшы болбойт беле? Оорунун кесепетин эмес, анын келип чыгуусун алдын алыш керекпи дейм, – дейт ал.

### Чубак ажыдан бир сунуш

Айыл жергесинде, тоолуу аймактарда, бир кыштактан экинчи административдик кыштакка, же район борборуна баруу кышкысын өтө кыйын маселе. Ошондуктан, **Чубак ажы Жалилов** бул көйгөйдү чечүүгө бир нече сунуш киргизүүдө.



– Мыйзамдын негизи идеясы жакшы. Бирок чала иштелип калган. Турмушка чыгып, ажырашып кеткен кыздардын, аялдардын тагдырын коргоо боюнча көтөрүлгөн жакшы маселе экен. Бирок, артык кылам деп тыртык кылгандай, чылпагын алам деп көзүн оюп алгандай маселе болуп калыптыр. Анткени биринчиден, тоолуу аймактарда каалаган күнү каалаган учурда нике кагазын ала албайт. Себеп дегенде айыл өкмөтү, же жергиликтүү администрациялар жабылып калып, кышы менен күрткүдөн чыга албай калат. Ошентип кышында үйлөнөм дегендер жазында барып үйлөнүш керек болуп калат. Бул адамдардын жашоосун татаалдантуу деген сөз болот. Бул проблеманы чечүүчү жолду мен да сунуштап келем. Ал үчүн жергиликтүү молдо акелерди атайын бир курстан өткөзүп, 10-15 күн окутуп, айыл өкмөтүндөгү ЗАГС бөлүмүнө ишке алышы керек. Бирден китепче алып, нике кыйганда никесин дагы кыйып, ошол эле учурда аты-жөнүн түшүрүп, колдорун койдуруп тизмеге алса, ошол кагаздын негизинде нике кагазы бериле бермек. Болгону молдолорго лицензия берип, каттоого тургузуш керек. Имамдар бекер деле иштеп бергенге, эл арасына кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө да даяр. Экинчи маселе, эч убакта молдолор, "кел мен силердин никеңерди кыйып коёюн" деп атайын бирөөгө барып мажбурлабайт. Молдого кыздын атасы, жигиттин атасы, кыз-жигит, баары чогулуп келип нике кыйдырат. Эгер кыз менен бала 5 жылга сүргүнгө айдалса, атасы менен апасын 10 жылга камаса, күбөлөргө дагы жок дегенде 4-5 жыл берсе, ошондо гана молдону кошуп камаса макул дейт элем, – дейт Чубак ажы.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Ыйманы качкан кыргыз жаштары

Акыркы учурларда кыргыз жаштары өздөрүн коомдо өтө активдүү көрсөтө башташты. Өкүндүргөнү жакшы жагынан эмес, терс сапаттары көбүрөөк чыгып жатканында...



Коомдук тартипти бузган жаштар

“Жашында мылжыӊ болсоӊ, карыганда калжыӊ болосуӊ” демекчи, коомдо өзүн туура көрсөтө албаган жаштарыбыз көбөйө баштады. Андайлар этикага жатпаган түрдүү жоруктары менен бир заматта калыӊ элге белгилүү болуп, даӊкы далайга жетүүдө. Ушундан улам эркеги кызынан өткөн, кызы эркегинен өткөн мындай жоругу жолдо калгырлар кандай үй-бүлөдө тарбия алды экен деген суроо туулат.

Маалыматка ылайык өлкөбүздө 6 млн. калк болсо, анын 1 млн. 105 636сын 14 жаштан 24 жашка чейинки жаштар түзөт. Ошондон улам «Жаштар биздин келечегибиз» деп качан болбосун сыймыктануу менен айтабыз. Бирок, бүгүнкү жаш муунубуздун ар-сезими, баалуулуктарынын пастыгы кайра көӊүлдү иренжитет.

## Мени тарткан балдарды сотко берем

Мына ошондой тентектерибиздин бири, жакында эле сейил бакта семичке чагып олтуруп, “көчө тазалагычтар жыйнашы керек. Алардын жумушу ушу” деп көпчүлүктүн кыжырына тийген **Акшоола Болотова**, жасаган иши үчүн 29-январь күнү айыппулга жыгылды. Бул жөн гана тамаша болчу, мен видео тасманын таркап кетерин билген эмесмин деген Акшоола ММКларга берген маалыматы боюнча төмөнкүлөргө токтолгон:

“Бизди жөн гана сатып кетишти. Себеби тартылган видео тасмага юмор катарында эле жооп бергенбиз. Видеону тарткандар менден уруксат сурабай эле социалдык тармактарга жайгаштырып коюшуптур. Мени тартып сайтка койгон балдарды сотко берип, моралдык чыгым өндүрөм. Аларды таптым. Ал эми интернетти колдонгондорго жөн гана тема керек. Менин оюм алар үчүн катардагы эле темалардын бири”, - дейт. Ошондой эле ал бул жоругуна ата-энеси, туугандары катуу кабатыр болуп жаткандыгын кошумчалай кеткен.

## Баягы неме карылар үйүнө түшүптүр

Өлкөбүздө демократия орногондон тарта жаш муунубуз өз жашоолорун өздөрү билип калышты. Коомубузда эзелтеден келе жаткан “улууга сый, кичүүгө ызат” деген нерсе жоголду. Кыргыздар үчүн өтө ыйык түшүнүк болгон ата-энени сыйлоо төмөндөп, өздөрүн укмуш кыйын санаган жаштар көбөйдү.

**Бишкек шаарындагы карылар үйүнүн мүдүрү Абдылдаева Эркингүл** экенин айтымында карылыгы жеткен ата-энесин балдары өздөрү алып келип таштап кетишет. “Биздеги карылардын көпчүлүгүнүн бул абалга келгени ачык-айрым айтыла бербейт. Кыргыздарда “Баягы неме карылар үйүнө түшүп калыптыр” деген куру намыс бар эмеспи, ошондон улам карылар да ачылып сырын айтып, туш келген менен эле сүйлөшө бербейт. Бул жактагылардын көбү балдарына таарынгандар. Бирок, канча таарынып, көӊүлү ооруп турса да, алардын келишин, же жок эле дегенде телефон чалышын күтөт”, - дейт Эркингүл айым.

Ар бир жасаган ишибиз, сүйлөгөн сөзүбүз кандай гана мааниде болбосун кайра эле өзүбүзгө келип тиет демекчи, коомубуздун өнүкпөй жатканынын бирден-бир себеби так ошол жаштарыбыздын кылык-жоруктарында болсо керек. Интернет тармактарына кире калсаӊ, гезиттерди окусаӊ, же болбосо транспортто баратсаӊ деле “Жаштар бузулду”, “Жаштардын пейили бузулду” деп зарлаган улуу мунду көп көрөсүӊ.

## МАИни капотко жаткырып сүйрөп...

Буга кошумча, коомдук жайларда этиканы сактоо деген нерселер түп тамыры менен жоголуп бараткансыйт. Ушул кезге чейин ансыз деле өз абройун жоготуп, түзөлө албай турган жол кайгуул кызматкерлерин жаштар эми ого бетер ашмалтайын чыгарып, сыйлабай калды. Жолдо тартип орноткон кызматкерлерге кол көтөрүү, машинасы менен сүзүп кетүү, жол эрежесин бузганы үчүн токтотсо, кайра алардын өздөрүнөн күнөө табуу, кыскасы, мамлекеттик кызматкерлерди адам катары санабаган жаштар күн санап көбөйүп барат.

Жакында эле терезелери караӊгылатылган, BMW үлгүсүндөгү автоунаанын ээси документ текшергиси келген МАИ кызматкерине документин көрсөтүүдөн баш тартып, аны автоунаасы менен уруп, качып кетүүгө аракет кылган. Натыйжада, унаанын капотуна жармашкан кызматкерди айдоочу бир канча километрге чейин сүйрөп барган. Аталган кылмыш тууралуу ИИМдин Жол кайгуул күзөт кызматынын маалымат катчысы Тилек Оторов төмөнкүдөй оюн билдирди:

“МАИ кызматкерине документин көрсөтүүдөн баш тартып, аны унаасынын капотунда сүйрөгөн айдоочу 22 жаштагы Адилет Максүтов экени аныкталды. Анын унаасы 29-январда Бишкектин түштүк кичи райондорунан табылган. Азыркы учурда айдоочу Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайына камалды. Кылмыш иши козголуп, тергөө иштери жүрүп жатат. Ал эми жараат алган жол кайгуул кызматкерине медициналык жардам көрсөтүлүүдө”, – деди.

Маалыматка ылайык, жол эрежесин бузгандардын теӊинен көбү жаштар. Жөн гана жаштар эмес чиновник, депутат жана байлардын көпкөн балдары. Жол кайгуул кызматкерлеринин айтымында бул статустагы балдарды токтотсоӊ, өздөрүнүн жогору жактагы тааныштарына чалып, тез эле бошонуп кетишет. Ал тургай кайра кызматкердин өзүнө кыйкырып, экинчи тоспой жүр деген мааниде мамиле кылат дешет.

## Статистикада 70 пайыз жаштар...

Ал эми статистикага таяна турган болсок, келечек муундун ыймана качып, ак жолдон тайып бараткандын төмөндөгү мисалдардан байкасак болот. Убагында жасамак тургай сөз кылуудан уялып, жатыркаткан жат көрүнүш саналган ичкилик, баӊгилик, кылмыштуулук, СПИД, аборт көйгөйлөрү азыркы таптa барган сайын күүлөнүп, жаштар арасында жайылып баратат. Маселен:

- 2014-жылы 24 456 айым бойдон алдырса, бул көрсөткүчтүн 60 пайызы жаш кыздар,
- Учурда наркологиялык каттоодо 15 жаштан 35 жашка чейинки улан-кыздардын 10 миӊге жакыны расмий каттоодо турат. Ошондой эле 6000ге жакын 18-28 жашар аракеч бар.
- Кыргызстанда ВИЧ инфекциясына кабылган 5642 адам болсо, анын 70 пайызын жаштар түзөт.
- 2014-жылы 16 367 кылмыш иши жасалса, анын 8892си 14 жаштан 29 жашка чейинки жаштар тарабынан жасалган.


Атайын адистердин айтымында жаштардын бул жоруктарынын башаты үй-бүлө тарбиясында жатат. Жаштайынан татыктуу ата-эне тарбиясын алган өспүрүм, эч качан жаман жолго барбайт. Ошондой эле акыркы кездерде интернеттин пайда болушу, батыш маданиятынын жайылышы, компьютердин маӊдайында өсүп келаткан муундун көбөйүшү улуттук баалуулуктардын өтө тез жоголушуна алып келүүдө. Жаштардын өздөрү да салт-санаалардын азыркы коомдо керектен чыгып, эскиргендигин, жаӊыча жашай турган мезгил келгендигин айтышат.

Андан сырткары, өлкөбүздө да жаштар саясаты жакшы өнүккөн эмес. Аны натыйжалуу ишке ашыруу үчүн тиешелүү деӊгээлдеги кадрлар да жокко эсе. Мунун өлкөбүздөгү жумушсуздар санынын 98 пайызын 30 жашка чейинки жаш муун түзөрү ого бетер айгинелеп турат.

Ислам дининде “Жаштар үммөттүн келечеги, эртеӊки таӊдын ишеничи, мамлекеттин, элдин жаркын жолунун символу катарында каралат. Ар бир эл, ар бир өзүн сыйлаган мамлекет жаштарына кам көрөт. Жаш муунга кам көрүү өзүнүн келечегине кам көрүү болуп саналат” деп айтылат эмеспи.

Болбосо жаӊы муунду тарбиялоо тээ “а” тамгасын тааныткан башталгыч класстан тартып, жогорку окуу жайларга чейин улантылып турганда гана жакшы жыйынтык берсе керек. Ар бир жаш атуулга улуттук баалуулуктарыбызды, каада-салттарыбызды, адеп-ахлакты үйрөтүү абзел. Үй-бүлө институтуна мамлекеттик деӊгээлде терең көӊүл буруп, анын бекем болуусуна бүгүнкү күндөн баштап кам көрбөсөк, эртеӊибиз коркунучта экени жашыруун эмес.

ТАӉЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ






# Укугу бузулган укук коргоочу...

Укук коргоочу Рита Карасартова добуш берүүнүн жыйынтыгын жокко чыгаруу талабы менен райондук сотко кайрылды. Учурда бул боюнча сот иши уланууда. Ошондой эле ал: "Жогорку Кеңеш мыйзам чегинде иштеп, өзүлөрү чыгарган мыйзамды өздөрү сактайт жана мен соттон утарыма ишенем", - дейт



## "Акыйкатчы ким болору өтө маанилүү"



Укук коргоочу Рита Карасартова акыйкатчы шайлоосунда талапкерлерге бирдиктүү шарт түзүлбөгөнүн төмөнкүчө айтат: "Биздеги акыйкатчы институту башка мамлекеттердин тажрыйбасынан алынган. Ал адам укугун мамлекеттин атынан коргогон жалгыз эле институт болуп эсептелет. Бул өзү мамлекеттен каржыланат жана кайра эле мамлекеттик уюмдардан жабыркаган адамдардын укугун коргойт. Институт жаңы ачылган кезде мамлекеттик кызматкер деген макамы жок болчу. Бирок Турсунбай Бакир уулу жүгүрүп жүрүп, мамлекеттик кызматкер деген макамды киргизген. Мына ушул кадамдан тартып институттун өнүгүшү туура эмес багытка түшүп кетти. Себеби, мурда адам укугун коргоо үчүн жүгүргөнгө гана кызыкса, эми "Эптеп мамлекеттик кызматкер болом" деген кишилер да көп жабышчу болду. Андайларга "Эч натыйжа көрүнбөй жатат. Жумуштан кете бербейсиңби" десе "Пенсияга чыгарыма беш жыл эле калды. Күтө тургулачы" деп эмгек стажысына, пенсиясына карап, жабышып отура беришет.

Акыйкатчы институту жалпысынан 83 кызмат ордун камтыйт. Кыргызстан боюнча жергиликтүү өкүлчүлүктөрү бар. Биз 2010-жылы парламенттик мамлекет болгондон бери баш мыйзамда "акыйкат институту – парламентте адам укугу кандай сакталып жатканын билиш үчүн түзүлгөн институт" деп жазылган. Бирок, учурда акыйкатчыларга "жөн эле статист болуп калышты" деген сын-пикир көп айтылып жатат. Анткени алар "баланча убакта баланча даттануу түштү" деп эле отуруп калышат. Болбосо аларга өтө сонун укуктар берилген. Мисалы, жарандардын көпчүлүгү эмнеден улам жабыркап жатканын, укук бузуу кайсы мыйзамдан улам чыгып атканын аныктап, депутаттардын астына доклад менен чыкса болот. "Баландай мыйзамды оңдоп берсеңер, баланча киши кыйынчылыкка түшпөйт болчу" деп турушса болмок. Акыйкат институтуна маани берип, жакшы иштей турган болсо, бул жабыркагандарга гана эмес, ошол жабыркоону болтурбоого да дармети жетмек.

## "Бизге бирдиктүү шарт түзүлгөн эмес"

Негизи Кубат Оторбаевге менин эч кандай нааразылыгым жок. Ал акыйкатчы болгондон берки соттошуп жатканымдын себеби парламентке тиешелүү. Анткени аны парламент шайлады. Алар мындан мурунку акыйкатчыны да "баяндамасы туура эмес" деп кетиришкен. Жаңы шайланып келген парламенттин ишине сарсеп салып, туура эмес таштаган кадамын айтып турсак, алар деле "Кой, тиги желмогуздар дагы бизди сындабасын" деп жакшы жолго түшөт деген үмүт бар. Мына ошон үчүн сотко бергенге туура келди. Акыйкатчыны шайлоо 10-декабрь, бейшемби күнү өтпөй калып, комитет жума күнү жаңы конкурс жарыялады. Акыйкатчыны шайлаганга "конституциялык түзүлүш, сот, реформа, жана ЖКнын регламенти" деген комитет жооп берет. Мына ошол комитет конкурсту саат 4тө жарыялап, документ топтогонго болгону 2 күн убакыт берди. Топтоло турган документтердин арасында "соттолгон эмес" деген справка да алынышы керек. Аны ИИМдин маалымат борбору эң тез дегенде бир суткада берет. Ошондо биз эртең менен арыз таштасак, эртеси күнү кечинде гана ала алабыз. Натыйжада мен жанталашып жүрүп жанагы справкага арыз таштап, мына убакыт бүтөт деп атканда араң жетишип берип калдым. Убакыттар ушунчалык ченемдүү болчу. Кыскасы, ошентип документтерди тапшырган соң, талапкерлердин катарына илиндик деп отуруп калдык. Мыйзам боюнча кийинки шайлоо 14 күндөн 30 күнгө чейин өтүш керек. Мисалы, биринчи шайлоо 10-декабрда ишке ашпай калса, экинчи шайлоо 24-декабрдан тартып 10-январга чейин кайра өткөрүлүшү керек болчу. Бирок 10-январга чейин майрамдар болуп калат экен, кийинчерээк өткөзөлү дешти. Эми анда деле маселе жок. Комитет жакшы эле туура иштеди. Биз документ тапшырган 35 адамдын ичинен ким акыйкатчы болоор экен деп жалпы тизмени карап отургабыз. Анан 25-январь күнү эле жалпы комитеттин жыйынына Кубат Оторбаев деп мурун тизмеде жок талапкер кошулуп калды. Ошондо эле биз суроо коюп баштаганбыз. Конституциянын 52-беренесинде "ар бир адамга жумушка кириш үчүн бирдиктүү шарт түзүлүшү керек" деп жазылып турат. А бизге бирдиктүү шарт түзүлгөн жок. Эмне үчүн бизди чектеп койду да, кайра 9 күн кечиккен адамдын документин кабыл алды. Бирдиктүү шарт бузулуп атпайбы.

Ичим ачышканы, ЖКнын комитети ушунун баарын жакшы эле жасап келип, аягында кайра өздөрүнүн айтканына өздөрү тескери иш кылып атпайбы. Анан да комитеттин чоңу, КСДПнын өкүлү Скрипкина Галина Анатольевна өзүнүн жасаган ишин жокко чыгарып, "биз муну жөн эле илип койгонбуз. Кайсы талапкер качан документ тапшырат, ал ар бир фракциянын иши" деп жатпайбы. Мына ушул өтө жаман председент. Анткени кийин башка маселе менен деле кандайдыр бир жарыя бере турган болсо, "бул фракциялардын ар биринин өз иши. Мыйзамда так күндөр жазылып турабы?" деген ишенбөөчүлүккө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Кыскасы, ошентип ызы-чуу менен башталган шайлоо да бүтүп, биз өтпөй калдык деп үйгө барып сыналгыны карасак эле "Азаттык" тарткан кадрлар чыгып атпайбы. Анда акыйкатчыга берилген "жашыруун добуш" тартылган экен. Добуш берүүчү жабык кабинадан урнага чейин 3 киши турат. Ал эми добуш берип чыккандын баары ошол үчөөнө бюллетенин көргөзүп жатат. Бул эмне деген шумдук?! Демек алар үч адамдын көрсөтмөсү боюнча шайлап атышат да. Биз ал кишилерди ким койду деп сурасак "эсеп палатасы" деп жооп беришти. "Кыйтыңмыйтың болбосун, бир киши эки-үч бюллетень салып ийбесин деп койгонбуз" дейт. ЖКнын өкүлү болсо "жашыруун добуш берүү деген бул кабинанын ичин билдирет. Кабинадан чыгып алып кимге көрсөтөт ал шайлоочунун өз иши. Балким ал атайын көрсөткүсү келип жатат" деп жооп берди. Биз ага "эгерде кабинага чейин башын салып карап атса, бул мыйзам бузуу болобу?" деп суроо берсек, "ооба" деп жооп берди. Ал эми "Азаттыктын" тасмасында КСДП фракциясынын Майирбек Мизкенбаев деген адамы кабинага кошо кирип, бир нерсе сүйлөшүп жатканы даана тартылган. Экинчиден, бир киши эки бюллетень ыргытып ийбесин дегени менен, ишеним кат аркылуу добуш бергендер болуптур да. Жакында эле регламентке "Мыйзам жазып жатканда болбойт, бирок мыйзамдан сырткары маселелерде ишеним менен добуш берсе болот" деп өзгөртүү киргизилиптир. Болбосо, ишеним катка уруксат берүү менен жашыруун добуш берүү бул бири-бирине кайчылаш нерсе. Кантип адам өзү барбай туруп, жашыруун добуш бере алат? Мына ушул себептерден улам мен сотту утабыз го деп ойлойм.

## "Жашыруун шайлоо регламентин толук сактайбыз"

Ал эми Жогорку Кеңештин аппаратынын юридикалык бөлүм башчысы Канатбек Садыков 6 күн ичинде документтерди топтогонго кыйла убакыт бар экенин төмөнкүчө айтат: "Акыйкатчынын мурдагы редакциясы боюнча жарандык коомдун мүчөлөрү акыйкатчынын шайлоосуна катышса болот эле. Бирок 2013-14-жылдары баш мыйзамга жана регламентке фракциянын өзгөчө укугу (исключительное право фракции) деп өзгөртүлгөн. Буга карабай Жогорку Кеңеш ачык-айкын иштеш үчүн жарандык коомдордун катышуу арыздарын кабыл алып жатканбыз. Бирок болбой эле сотко берип жатышат. Акыйкатчыны шайлоо онунда болбой калып, он алтысына чейин жылдырдык. Мына ушул 6 күндө документ топтогонго убакыт бар болчу. Ал эми жетишпей калгандар фракцияга документтерди берип кайрылса болмок. Анткени фракция жазылган мөөнөт бүтсө деле документтерди кабыл алып жатты. Мөөнөтү бүткөндөн кийин 5-6 адам документтерин берип, фракция алардыкын деле карады. Эң акырында Оторбаев берди. Жогорку Кеңешти, жергиликтүү депутатты жана президенттик шайлоону салыштырып кереги жок. Анткени Жогорку Кеңештин шайлоосунун жол-жобосу такыр башка. Бизде электрондук жашыруун шайлоо бар. Жашыруун шайлоо деген регламент жазылган, ошону толук сактайбыз".

Ал эми акыйкатчы аппарат бөлүмүнүн укуктук иштери боюнча эксперт Урмат Аралбаев доогердин талаптарын колдобоорун минтип билдирди: "Биз доогер Рита Карасартованын талаптарын колдобойбуз. Анткени анын себептери көп. Ал эми чечимди сот чыгарат. Баарын ошол жактан уксаңар болот. Биз сот процесси аяктагандан кийин жооп беребиз. Биздин позициябыз толугу менен аягына чыга элек, ошол себептен так жооп бере албайм", – деди.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ




# Эртең менен эрте туруу эмне үчүн маанилүү?

Чындыгында, эртең менен эрте кыйналбай ойгонуп туруп кетүү бардыгынын эле колунан келе бербейт. Бирок, сиз буга кабатырланбаңыз, анткени эртең менен эрте ойгонуу адатын оңой эле өнүктүрүп алса болот. Бул жаатагы адистердин кеп-кеңешин сиздер менен бөлүшөбүз...

Эң биринчи, маанилүү эки жагдайды тактап алыңыз. Эртең менен эрте кантип ойгонуу керек жана ал эмне үчүн керек? Эгерде бул суроолорго сиз так жооп бере алсаңыз, анда маселе оң жагына чечилди дей бериңиз.

## Биринчи "эмне үчүн?" деген суроодон баштайлы

Кандай гана иш болбосун, жаңы кадам шташталган кезде бир аз кыйынчылыктар жаралышы мүмкүн. Бирок, анын артында турган ийгиликти каалоо сезими ошол кыйынчылыктан да жогору болушу шарт. Антпесе кучтүү каалоо болбосо, кылган ишиңен майнап чыкпайт.

Алгач сизге эрте ойгонуу эмне үчүн керек экенин тактап алсаңыз? Буга төмөнкү эки жоопту карап көрсөк:

1. Сиз эрте турууга абдан муктажсыз
2. Сиз эрте турууну абдан каалайсыз

Эгерде ушул экөөнүн биринчиси сизге жакын болсо, анда башка айлаңыз жок, же тагыраак айтканда, эч кандай көйгөй жок дегендикке жатат. Себеби, сиз буга мажбурсуз. Ал эми айла жоктук менен талаптын күчтүүлүгү сизди кеч тургузуп жаткан жалкоолук менен боштукту эң жакшы тарбиялап, бир нукка салганы бөркүңүздөй ишене бериңиз.

Ал эми экинчи жоопко жакын болсоңуз, анда сизге чу дегенде эле күчтүү түрткү керек.

Айтмакчы, кандайдыр бир мажбурлоо жок экенине карабай, өз эрки менен эрте ойгонгон адамдар жумушун өтө жакшы көргөн жана убакытты туура баалай алгандардын катарында эсептелет. Андайлар таң заардан табият менен кошо ойгонуп, көнүгүүлөрүн жасап, спорт менен машыгат жана талаптагыдай нанүштөсүн ичип, жумушуна жайдары жөнөйт. Алдыдагы күндөрү пландагандай жүрүп, ишке болгон жөндөмү менен жигердүүлүгү өсөт. Негизи эле эрте турган адамдар көп нерсе жасаганга жетишет. Эгер сиз буга чейин кылган иши ооздон-оозго өтүп, даңкы далайга жеткен улуу инсандардын өмүр таржымалын карасаңыз, алардын баары эрте туруп, жашоого эрте аттанган адамдар экенин байкамаксыз. *Мисалга алсак.*



- **Роберт Айгер** (Диснейдин башкы мүдүрү) **4:30**да;



- **Тим Кук** (Appleдин башкы мүдүрү) **4:30**да;



- **Говард Шульц** (Starbucksдун башкы мүдүрү) **5:00**дө;



- **Андреа Юнг** (AVONдун башкы мүдүрү) **4:00**дө;



- **Ричард Брэнсон** (Virginдин башкы мүдүрү) **5:45**те ойгончу

## Сиздин күнүмдүк жашооңуз кандай тегеренип жатат?

Эгер адамда эртең менен бир нерсе жасап жетишүү каалоосу жок болсо, анда анын эрте туруусу да кыйынчылык туудурат. Ошондой эле, эрте турганда жасала турган жумуштарга убакыт табылбай калышы, жумуш учурунда жасоого убакыттын жок болушу да эрте туруунун негизги себептерине кирет. Маселен, эртең менен эч нерсе жасабагыңыз үчүн кечинде жумушта көпкө кармаласыз. Натыйжада, бүтпөй калган жеке иштериңиз, же жасагыңыз келип, бирок жетишпей калган ой-максаттарыңыз жүрөгүңүздү өйүп, мазаңызды алат. Мындайда организмиңиз да алдан тайып, таптакыр чарчап калган болот. Демек, маалымат дагы жакшы кабыл алынбайт. Андан сырткары, кечки тамак да өз маалында ичилбей калат.

Ал эми эртең менен эрте ойгонуп, кошумча ишиңизди аткарып жаткан учурда сизге эч ким тоскоолдук жаратпайт. Себеби, таңкы саат алтыда эч ким тынчыңызды алып телефон да чалбайт, конокко да келбейт....

## Кантип?

Ошентип "эмне үчүн эрте турушум керек" деген суроонун жообун таптыңыз дейли. Эми, аны ишке ашыруу үчүн туура багыт тандоо талап кылынат. Буга өзүңүздүн муктаждыктарыңызды да эске алуу менен киришкениңиз талапка ылайык. Ал үчүн күн сайын баштапкы учурдан беш мүнөт эрте ойгонуп, өзүңүздү көндүрүңүз. Ошентип улам беш мүнөттөн кошуп отуруп, жыйынтыгында 1-1,5 саат эрте ойгонууга көнүп каласыз.

Муну эсептеп көрсөк да болот. Орто эсеп менен алганда жумасына 5 мүнөттөн 26 апта (жарым жыл) = 130 мүнөт болот. Бул эки сааттан ашык убакыт. Демек, эрте ойгонуу менен көп убакытты натыйжалуу пайдалана аласыз. Мында дагы бир митаамдык бар. Эгерде эртең менен эрте турсаңыз, анда кечинде да эртерээк жатууга камынасыз. Натыйжада, талаптагыдай уйкуңуз канып, сергек ойгонууга толук мүмкүнчүлүк жаралат.

## Жакшы уйкунун 10 алтын эрежеси:

**1.** Уйкуңуздун басымдуу бөлүгү кечки саат 10дон баштап эртең мененки саат 5ке чейинки аралыкта болушуна аракет жасаңыз. Мындай шартта уйку өтө сапаттуу болот;

**2.** Күнүнө бир убакыт белгилеп, ошого жараша уктаңыз. Мисалы ар дайым 7 сааттан укташым керек десеңиз, аны дем алыш күндөрү да бузбаңыз;

**3.** Бир убакытта уктап, бир убакытта ойгонуу шартын бузбаңыз;

**4.** Организмдеги мелотин деңгээлин тең салмактуу кармап туруу үчүн күнүнө жок дегенде жарым саат күн энергиясын алыңыз;

**5.** Убакыттын, сааттын бүтүндүгү да маанилүү. Маселен, 6 жарым саат эмес, толук алты, же жети саат уктаңыз;

**6.** Түнкүсүн себепсиз ойгонуудан алыс болуңуз. Ал үчүн кечки тамакты саат 18ден кеч ичпеңиз. Суусундукту да ушул убакыттан ийин аз ичиңиз;

**7.** Уктаган жайыңыз өзүңүзгө ыңгайлуу болсун. Жамынган жууркаңыңыз аба өткөргөн, сапаттуу бөздөн жасалып, түнкү кийимиңиз жеңил жана бөлмөңүз салкыныраак болушу шарт;

**8.** Тишти тазалап, жеңил, жагымду музыка угуп, же китеп окуп өзүңүздү уйкуга даярдаңыз;

**9.** Уктаар алдында жагымсыз окуяларды, таарынычтарды эстебегенге аракет жасаңыз. Андайда кең келечек тууралуу көбүрөөк ойлоп, кыялдана билгениңиз дурус;

**10.** Уйкуңуздун сапатына жогорудагы эрежелердин бардыгы таасир этээрин эсиңизден чыгарбаңыз.

## Эртең менен эрте ойгонууга багытталган 10 алтын эреже:

**1.** Эмне үчүн эрте ойгонушуңуз керек экенин билиңиз;

**2.** Түнкү сапаттуу таттуу уйкудан жылмайып ойгоноруңузду элестетиңиз;

**3.** Чырылдактын үнүн угаар замат дароо төшөктөн туруңуз;

**4.** Эртең менен эрте жасала турган иштер сиз үчүн өтө маанилүү экенин ар дайым жадыңыздан чыгарбаңыз;

**5.** Курбуңуз, же тууганыңыз менен сүйлөшүп алып, ойгоноор замат бири-бириңерге телефон чалууну адатка айлантып алыңыз;

**6.** Каалаган убакытка жеткенге чейин күн сайын эрте турууну мөөнөтүн беш мүнөттөн гана кошуңуз;

**7.** Чырылдактын үнүн угар замат төшөктөн туруп, өзүңүзгө эң жаккан ишти аткарууга киришиңиз;

**8.** Жети сааттан кем эмес жана кечки 10дон кеч эмес уктаганга аракет жасаңыз.

**9.** Эгерде кокусунан бир күн тоскоолдукка учураса, өзүңүздү жемелебей, маанайыңызды чөктүрбөй, кийинки күнү кайра улантып кете бериңиз.

**10.** Жана эң негизгиси, эртең менен эрте ойгонуп, көп ийгиликтерди багынткан адамдардын катарына кошулуңуз.



Бетти даярдаган ГҮЛКАИР РАИМКУЛОВА

# Смарт хауз кызматын иштетким келет

Бул жолку коногубуз өзүбүздүн эле Кочкор айылында туулуп өсүп, талыкпай билим алуунун натыйжасында эл аралык компанияга жумушка орношуп, ар түркүн калк менен аралаша иштеп келген мекендешибиз тууралуу болмокчу...



**—Саламатсыңбы Максат. Ошончо маанилүү жумуштарда иштеп жүргөнүңө карабай бизге маек куруп берүүгө макул болгонуңа рахмат. Эмесе алгач өзүңдү тааныштыра отурсаң.**

– Саламатсыңарбы. Силерге да рахмат. Таанышса таанышалы. Менин атым Максат. Самудинов Максат Асанбекович. Өзүм Кочкор районунда туулгам. 6-класска чейин Кочкордун айылдык мектебинде окудум. Негизи техникага ошол бала кезимен эле кызыкчумун. Атам машина айдачу. Мен болсо анын жанынан чыкпай, темир-тесекке аралашып жүрүп, сиңип калса керек. Кийин 6-класстты бүткөндө, 1995-жылы Нарын кыргыз-түрк лицейине өтүп окуп калдым. Компьютерге кызыгуум ошол жактан ойгонду. Ичин ачып, чачып, чукулап дегендей, программаларын жүктөп, өчүрүп көрө баштадым. Өзүмдүн да так илимдерге, техникага жакын экенимди сездим. Гуманитардык сабактарга такыр эле табитим тарткан жок. Математика, химия, физика сабактары мага жакын сезилчү. Ошондон улам кийин Кыргыз-Түрк Манас университетинин компьютердик инженерия бөлүмүнө тапшырып, окуп калдым. Мына азыркы кесибим ошентип башталды...

**– Азыркы кесибим, дегенде кененирээк айтса кетсең, азыр кайда, кайсыл кызматта иштеп жатасың?**

– Учурда «Гантек» аттуу компанияда инженер болуп иштейм. Бул иш Манас университетин бүткөндөн 3 жылдан кийин табылды. Башында окуу жайды бүтүп, ошол эле жерде кайра иштеп калгам. Бир күнү эле Самар аттуу досуман «бир фирмага 2 инженер керек» деген кат келип калды. Башкы талабы "Юникс" системасын билиш керек экен. Мен негизи ага чейин эле "Юникске" кызыгып, үйрөнүп жүрчүмүн. Негизи бул «Виндовс» системасынан бир топ эле башкача. Мага да ошол өзгөчөлүгү менен жакчу. Манас университетинде ийгиликтүү иштеп калганыма да «Юниксти» билүүм себеп болгон. Ырас, башында бир эле лабароторияны карачумун. Кийин жалпы университетти карай баштадым. Серверлерин, компьютерлерин текшерип, көзөмөлдөп жүрдүм. Негизи эле ал программа менин хоббим болчу десем жаңылышпайм. Анан так ошол нерсенин сурап калышты да. Натыйжада дароо эле резюмени жөнөттүк. Бизди жумушка ала турган жетекчибиз Алма-Атада экен. Резюмемди алгандан кийин ал атайын Бишкеке келип, маектешип кетти. Артынан эле жумушка чакыруу келип, иштегени кеттим. Азыр андан бери 9 жыл өтүптүр. 9 жылдан бери ушул фирмада инженер болуп иштейм. Негизи бир эле жерде отуруп иштебейбиз. Кардарларыбыз ар кайсы өлкөдө болгондуктан бирде тигил жакта, бирде бул жакта болуп турабыз. Жумуштун жүрүшү менен Казакстанда, Түркияда, Азербайжанда, Грузияда, Молдовияда, Тажикистанда болуп, Түштүк Африкага чейин бардым.

**– Баракелде! Африкага чейин багытып келген турбайсыңбы. Эмесе ошолор тууралуу айтчы. Эмнелерди байкадың, эмнелерди көрдүң? Биздин эл кандай экен, алар кандай экен? Сырттан караганда баары көрүнөт дешет эмеспи...**

– Чынында мен көптөн бери ар кайсы өлкөдө жүрүп башым деле адашып калды. Бирок мени көбүнчө иренжиткен бир нерсе бар. Бул биздин маданиятсыздыгыбыз. Бизде жаштар көбүнчө түкүрүнө берет. Кайда караба түкүрүк. Менимче, эң чоң айрымачылык ушул. Анан дагы бир байкаганым, бизде кичине баланы какыс-кукус кылып, уруп-согуп тарбиялашат. Мисалы, Грузияда кичине баланы көрүп калса жылмайып, эркелетип, өтө назик мамиле кылышат. Негизинен эле алар ушундай кичипейил калк келет экен. А биздикилер болсо кырс, оройураак келет. Азерлерде да ушундай кичипейилдик бар. Негизи эле кавказ элдери кичине балага өтө сыпаа, жакшы мамиле кылышат окшойт. Анан кайда барба биздикине караганда аябай таза шаарлары көрөсүң. Биз таштандынын көптүгү, шаардын ыпластыгы жагынан да алдыда турсак керек. Карап турсаң, колунда эмне болсо баарын эле ошол турган жерине ыргыта берет. Баса, тиги Түштүк Африкада да жүрүп калдым дебедимби. Ал жакта элдери тааныса да, таанывбаса да салам берип учурашып турат экен. Көчөдө жүрүп калсаң «салам», «кандай» деп жылмая учурашып, же жок эле дегенде колу менен ишара кылып, ал-акыбал сурап кетет. Бизде мусулман өлкөсү болуп туруп, ушул сапатыбызды жоготуп баратыптырбыз.

Африканын дагы бир эсте калган нерсеси, асфальттын башка эч жерден көрбөгөн түрүн ошол жакта көрдүм. Чийбаркыттай болуп сызык-сызык болгон жол бар экен. Ал тургай кызыкканыбыздан түшүп колубуз менен да сыйпалап карап көрдүк. Кадимки чийбаркыттай болуп, майда тилим-тилим болуп турат. Кызыкканыбыздан чыдабай жергиликтүүлөрдөн сурасак, көрсө, ал жер өтө жаанчыл жер экен. Машиналар тайгаланбасын деп атайын жолду ошондой каптап коюшуптур. Бизде деле ушундай кылса, жол кырсыгы аз болот беле? – деп ойлонуп койдум.

Баса, анан Карнивар деген экзотикалык ресторанды тууралуу да айта кетсем. Ал жердин өзгөчөлүгү ар бир кишинин жанына желекче коюп коюшат. Эгер ошол желекче туруп турса, анда кызматкерлер сага экзотикалык жаныбардын шишкебегин алып келе берет. Эми ал жерде күнүгө ар кандай эттен шишкебек жасалып турат. Мисалы бир күнү жалаң жирафтын, эликтин, буйволдун эти болсо, эртеси крокодилдин, койдун, төө куштун, зебранын дегендей, кыскасы ар кандай эттен шишкебектер даярдала берет. Мына ошол шишкебектерден жанагы желеги туруп турган кишилерге бир тилимден таштап кете берет. Негизи ал жерде башка деле тамак алып иче бересиң. Болгону жанагы шишкебектери кошумча катары келе берет. Бул алардын турист тартуу үчүн жасаган аракети. Бул ресторанга ансыз да көбүнчө чет өлкөдөн келген туристтер барышат.

**– Жакшы кебиң бар экен. Эми келечек тууралуу айтсак. Азыр көпчүлүк чет жерде жүргөн мекендештерибиз кайра келбей калып жатпайбы. Буга сенин көз карашың кандай? Кайсы бир өлкөнү тандап койдуңбу, же Кыргызстан деп эле турасыңбы?**

– Мен ушул бойдон башка өлкөдө жашайм деген деле оюм жок. Кайра эле Кыргызстаныма келем. Себеби өз өлкөмдү сүйөм. Ошол эле Кыргызстанды, Кочкордугу айылымды жакшы көрөм. Мисалы, бул жакта Азербайжанда кээде катуу шамал болуп турат. Мен ошол шамалды жакшы көрөм. Себеби, ал мага так ошол Кочкордун шамалын эстетип турат. Андан сырткары, менин да өз максатым бар. Балким чоңдур, балким кичинедир, айтор, алдыга койгон тилегим бар. Ал Кыргызстандын өз машинасын чыгаруу. Болгондо да мага жаккан «Tesla» ойлоп тапкан автоунаалар сыяктуу. Мен так ошол Кыргыз Тесласы болсом дейм. Аны кыргыздын коозлугу менен, өзүбүздүн дизайнерлер менен жасашын каалайм. Ички көрүнүшү болобу, сырткы түзүлүшү болобу, бүт биз өзүбүз тапсак. Негизи азыр көп эле мамлекетте машина чыгарган заводдор бар. Тетиктерин бүт башка жактан алып келип, курап коюп атышат. Мен андайды кылгым келбейт. Баарын өзүбүз өндүрсөк дейм. Өзүбүз чыгарып, өзүбүз курап анан дүйнөгө сатсак дейм. Жалгыз эле машина эмес, чоң өндүрүштөр болсо, чоң техникалар чыкса, тракторлор куралса, тоокен машиналары чыкса.

Андан сырткары, азыр өзүңөр деле уксаңар керек, же интернеттен карап көрсөңөр болот, «Адруино», же «разбери PI» деген кичинекей электрондук башкаруу системасы бар. Мына ошону менен да иштесем деп жатам. Бир нерселерди ойлоп автоматташтыруу жагына кызыгам. Жана ошондой эле «смартхауз» деген бар. Бул «акылдуу үй» дегенди, тагыраак айтканда, телефон аркылуу үйүңүздү башкаруу дегенди билдирет. Мисалы, сиз досторуңуз менен капыстан эле бир жакка бармай болуп калдыңыз дейли. Мисалы, жайдын күнү достор менен эле сүйлөшүп алып, Ысык-Көлгө аттанмай болдуңуз. Эми ал үчүн эмне кылыш керек? Биринчи эле үйгө барып, бир сыйра тияк-бияган карап, светтерди өчүрүп, газды текшерип кетиш керек да. А ошол учурда смартхаус болгондо, ушунун баарын үйгө барбай эле телефон аркылуу текшерип, өчүрчүсүн өчүрүп койсо болот. Анан алыста жүргөндө да ишенимдүү жүрөсүң. Үйүң кудум көзөмөл алдында тургандай сезим болот. Мына алдыга койгон максаттарым ушул. Ушуларды Кыргызстанда ишке ашырсам деген кыялдарым бар.

**– Өтө жакшы максаттарың бар экен. Ылайым максатыңа жетип, көп-көп ийгиликтерди жарата бер. Маегиңе чоң рахмат!**

Маектешкен НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ





# Нуркамал Жетикашкаева аялдар поэзиясынын көч баштоочусу

Эркектер туйбаган нерсени аялдар туят. Аталар байкабаганды энелер байкайт. Табиятынан боорукер, сезимтал келишет. Кыргыздын профессионал адабиятында да аялдар поэзиясы деген дүйнө бар. Бүгүнкү адабият рубрикасында биз сөз кыла турган инсан аз жашаса да маанилүү жашап, бул дүйнөдөн көкүрөгү толо арман менен өтүп кеткен Нуркамал Жетикашкаева тууралуу болмокчу



### Бири чебер кошокчу, бири – чебер уз

Кыргыз профессионал адабиятынын пайдубалын түптөөдө таланттуу аталарыбыз менен катар мээнеткеч энелерибиздин да эмгеги зор экенин билишибиз керек. Айтайын дегеним, турмуш жолунда аял-эркектин эриш-аркак аракетинен улам бактылуу турмуш курулат. Кыргыз коомунда аялдардын, энелердин, эже-карындаштардын орду айрыкча маанилүү болгон. Турмуштун оор жүгүн күчтүү деп саналган эркектер менен кошо көтөрүшкөнү кимге болбосун белгилүү. Кайсыл гана акын-жазуучуну, же болбосо өнөр адамдарынын талантынын жетилишинде энелеринин эмгеги байкалып турат. Бири – чебер кошокчу, бири – чебер уз, бири – жамакчы. Эмгектин өндүрүмдүүлүгүн арттыруу максатында мээнеттүү ишин ыр менен, дастандар менен көркөм сөздүн күчү менен жеңилдетишкен. Кыргыздар башынан куйма кулак эл. Укканын жадында сактап калып жана аны импровизациялаганга өтө жөндөмдүү. Дөңдөрдө отуруп санжыра сүйлөгөн аталардын нускалуу кебин, алпейим энелердин бешик ырларын, жамактарын угуп чоңойгон кыргыз кандай бактылуу, ырыс-кешиктүү...

### Кыздар да билим алууга укуктуу

Улуу Октябрдын жарыгы Ала-Тоонун койнун аралаганда жазуусызуудан кабары жок, тамга таанып-баган кыргыз жаштары билим алуунун жолуна түштү. Эркектер менен катар кыргыз кыздарынын билим алууга болгон далалаты күчөгөн. Өткөн кылымдын отузунчу-кыркынчы жылдарында кыргыз аялдарынын жазма адабияты пайда пайда боло баштаган. Нуркамал Жетикашкаева, Сатин Абдыкеримова, Тенти Адышева, Нинакан Жүндүбаева, Жумакан Тынымсейитова өңдөнгөн энелерибиз кыргыздын профессионал адабиятында өздөрүнүн чыйырын салышты. Кыргыз жазма адабиятында өзгөчө поэзияда аялдар лирикасын негиздешти. Алар өздөрүнүн жигердүү чыгармачылыгы менен кыргыз аялдарынын да поэтикалык үнү бар экенин далилдешти. Орустардын Марина Цветаева, Анна Ахматова аттуу акындары союздук деңгээлде дүңгүрөп турганда биздин улуттук адабиятыбызда профессионалдык жазма трибунага булар жаңыдан гана келишкен эле. Мезгилден, дүйнөлүк жазма адабияттан артта калганына карабай таланттуу энелерибиз элдик оозеки чыгармачылыктан жазма адабиятка өтүп жаткан өткөөл учурда кийинки муунга көпүрө болуп беришти. Заманыбыздын мыкты акындары болгон М.Мамазаирова, Р.Карагулова, А.Узакова, С.Акматбекова, У.Маматова, Ф.Абдалова, Б.Чотурова, Ж.Исабаева ж.б жогорудагы энелерибиздин эстафетасын улап, кийинки муундарга өткөрүп бергенин мезгил тастыктап турат.

Бүгүн биз кеп кыла турган инсан Сокулуктун Жыламыш айылынан чыккан акын энебиз Нуркамал Жетикашкаева тууралуу болмокчу.

### Нуркамал Жетикашкаева ким?

Нуркамал Жетикашкаева 1918-жылы Сокулуктун Жыламыш деген айылында туулган. Кыргыздын алдыга суурулуп чыккан жаштарынын катарында Нуркамал Жетикашкаева 1941-жылы Москва шаарындагы А.Луначарский атындагы театр искусствосу институтунун кыргыз студиясын Насыр Кытаев, Урумкан Исмаилова, Касымаалы Бектенов, Өмүркул Жетикашкаев, Исмаилбек Абдубачаев, Мурадил Ибраев, Махмут Токтаналиев, Какен Урманбетова, Рая Айдаралиева, Жамийла Калчаева, Нафиса Курманалиева, Калийча Рысмендеева, Бейшен Рысмендеев, Асан Саргалдаев менен чогуу бүтүрүп, Кыргыз мамлекеттик драма театрында артист, кийинчерээк кыргыз тили жана адабияты жана тарых институтунда илимий кызматкер болуп эмгектенген.

1937-жылдардан баштап мезгилдүү басма сөздөрдө ырлары жарыялана баштаган. Алгачкы ырлары ошол учурда бардык акындар ырдаган жаңы заман тууралуу болгон. Нуркамал Жетикашкаеванын жана анын замандаштарынын ырларынын мазмуну, ыр түзүлүшү, уйкаштыгы муун өлчөмдөрүнөн элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнүн таасиринде болгону байкалат. Акын энебиз ырларын элден өзгөчөлөнүп обондотуп окуп бергендиги тууралуу эскеришет. Балким муну ырды аудиторияга сунуунун өзгөчө формасы болсо керек деген ойго да келесиң. Себеби ал учурда элдин калың массасы дале да болсо сабатсыз эле. Билимдүүлөр билимсиздерге жазма чыгармаларды көркөм, образдуу окуп беришкенин улуу муундун өкүлдөрүнөн далай жолу укканбыз.

Албетте, Нуркамал Жетикашкаеванын чыгармачылык жактан өсүшүнө А.Луначарский атындагы театр искусствосу окуу жайынан билим алышы стимул болгон. Чоң жерди көрүп келип, руханий жан дүйнөсү байып, илим-билимге каныгып көзү ачылган. Анын Москвага болгон таасирлерин "Москвама", "Ленин шаарын көргөндө", "Гүлдөй бер" аттуу ырларынан көрүүгө болот.

Акын 1941-жылы окуусун бүткөндө каргашалуу согуш башталып, кыргыздын эр-жигиттери да Улуу Ата Мекендик согушка аттанышат. Булардын катарында Нуркамал Жетикашкаеванын өмүрлүк жары Өмүркул Жакишев жана бир тууган иниси Ырыскулбек да бар эле. Экөө тең кандуу майданда душмандын колунан мерт болушат. Бул окуя аялуу жүрөгү бар Нуркамал апабыздын жүрөгүн жаралайт. Театр окуу жайын бүтүп келсе да, театр сахнасында роль жарата албайт. Бирок баш-оту менен поэзияга оойт. Жалпы журтка каргаша болуп келген согуш маалында элдин демин көтөрүү максатында патриоттук ырларды жазып, душманга сес көрсөттү. Башынан чоң адамдык трагедия өтсө дагы, аялдык назик жүрөгү канчалык запкы чекce да, анын кайраттуу, ар-намыстуу жан экенин анын чыгармаларынан көрө аласыздар. Нуркамал Жетикашкаева өзүнүн энелик бактысын келечек муундан, өсүп келе жаткан жеткинчектерден көргөн. Алардын жаркын келечеги тууралуу көп ойлонгон. Нуркамал эненин ырларынан Ата Мекенге болгон сүйүүнүн, аялзатына мүнөздүү назиктиктин, боорукерликтин, мээрмандыктын, өмүрлүк жарга болгон тунук сүйүүнүн жагымдуу илеби согуп турат.

> Өткөн кылымдын отузунчу-кыркынчы жылдарында кыргыз аялдарынын жазма адабияты пайда пайда боло баштаган. Нуркамал Жетикашкаева, Сатин Абдыкеримова, Тенти Адышева, Нинакан Жүндүбаева, Жумакан Тынымсейитова өңдөнгөн энелерибиз кыргыздын профессинал адабиятында өздөрүнүн чыйырын салышты

Нуркамал Жетикашкаеванын ырларынын толук жыйнагы 1953-жылы анын өлүмүнөн кийин жарыкка чыккан. Өзүнүн отуз төрт жылдык өмүрүндө акын "Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы эмгеги үчүн" медалы менен сыйланган. 1949-жылы "Жаңган жалын", 1951-жылы "Жаңырган өлкөдө", 1953-жылы "Нуркамалдын ырлары жана поэмалары", 1978-жылы "ырлар жана поэмалар", орусча 1958-жылы "Я дочь Октября" аттуу ырлар жыйнактары жарык көргөн. Бишкектин бир көчөсү белгилүү поэтессанын ысымын алып жүрөт. Акын 1952-жылы 34 жашында дүйнөдөн кайткан. Өзү өлсө да, сөзү өлбөй кыргыз элинде Нуркамал Жетикашкаеванын ысымы жылуу сезимдер менен эскерилет. Аз жазса да, саз жазып, кыргыз коомунун эстетикалык табитин калыптандырууга кылган аракетин баалабай коюубуз түркөйлүк жана наадандык болуп калат. Айтайын дегеним, Нуркамал Жетикашкаеванын портрети менен чыгармаларын мектеп программасына киргизип, жаш муундарга тааныттууну Билим берүү министрлигине кулак кагыш кылмакчыбыз. Антпесе кыргыздын аялдар поэзиясынын көч башында турган Нуркамал апабыз буга татыктуу жашап, эл журтуна аянбай кызмат кылып, жашоодон мезгилсиз өтүп кеткен.

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

### БАЛАЛЫК

*Көңүл камгак, мен эселек кезимде,*
*Көк шибердүү жемиш-дарак ичинде.*
*Гүлкайырдан идиш жасап, той берип,*
*Куурчак ойноп жүргөн күнүм эсимде.*

*Ошондогу дал өзүмдөй балапан,*
*Балдар ээрчийт эми артыма карасам.*
*Ошол оюн, ошол кыял, ошол жаш,*
*Оолак алыс калыптырсың капкачан.*

*Айлар, күндөр арбын-арбын саналып,*
*Алыстадың келбес болуп балалык.*
*Алтын өмүр кайра көрөр болсочу,*
*Балалыкты кайра баштан жаралтып.*

### ТЫНЧТЫК

*Тынчтык деген,*
*Жайдын күнү жаркырап*
*таң аткандай,*
*Күн мемиреп алтын*
*нурун чачкандай.*
*Чымын учпас касиеттүү*
*үйүңдө,*
*Балтыр бешик балаң*
*уктап жаткандай.*
*Тынчтык деген,*
*Мемиреткен жайкы булбул*
*үнүндөй,*
*Кастарлаган миң-сан*
*чөптүн гүлүндөй.*
*Эмгек менен эчен*
*түркүн кештелип,*
*Өзүң өскөн алтын*
*мекен түрүндөй.*
*Тынчтык деген,*
*Сайран куруп бак*
*аралап жүргөндөй,*
*Кайгы билбей миң жыл*
*өмүр сүргөндөй.*

### ЖЕҢИШ ЖЫЛЫ

*Быйылкы жыл эсимде жеңиш жылы,*
*Толкундап тойдо ырдалып акын ыры.*
*Жоо жеңилди, биз жеңдик, багындырдык,*
*Дүйнөлүк тынчтык болду жыйынтыгы!*

*Кубанып жеңген элим жагалданды,*
*Каарман кызыл эрлер мөөрөй алды.*
*Куттуктап кубанычтуу ушул күндү,*
*Комузчу, ырчы, күүчү обон салды.*

*Күн жетти, мына эми жеңиш бизде,*
*Согуштун оор күнү калды эсте.*
*Эл үчүн жанын курман кылгандарды,*
*Эстейбиз жеңиш менен күлгөн кезде.*

# Кимибиздики туура?



Юридикалык окуу жайлардын биринде мугалим студенттерге бир кемпирдин кошунасынын алма багы боюнча жазган арызын териштирип чыгууну сунуштады. Арыздын маңызы мындай экен: Кемпир менен кошунасынын чарбактарын бөлүп турган дубалдын жанында кошунасынын алмасы өсөт имиш. Алманын кээ бир бутактары кемпирдин чарбагына салаңдап өсүп, анын бышкан мөмөлөрү кемпирдин так ушул дубалдын түбүндө өстүрүп жаткан жоогазындарын уруп, талкалап жаткандыгы туурасында болот.

Студенттердин ортосунда талкуу башталат. Айрымдары "Алма кошунага тиешелүү болгондон кийин кемпирдин жайраган жоогазындарына келтирген чыгымды кошунасы төлөш керек. Алма бактын ээси болгондон кийин буга ал күнөөлүү. Анын алмалары мындан ары кемпирдин чарбагына түшпөгүдөй кылыш керек", – деп доомат коюшат. Айрымдары: "Алма эгер кошуна кемпирдин чарбагы тарапта самсаалап өсүп турса, анда ал кемпирге таандык. Буга кемпир өзү камкордук кылышы керек. Жоогазындарды талкалабаш үчүн бышып калган алмаларды убагында үзүп алышы керек. Мындай учурда кошунасынын эч кандай күнөөсү жок. Кемпир мындай маселени изы-чууга жеткирбеши керек", – деп эсептешет.

Талаш-тартыш-далайга созулуп, студенттер бир пикирге келе алышпады. Акыры мугалимге кайрылып: "Кимибиздики туура?" – деген суроону узатышты.

Мугалим аудиторияны мелтирей карап туруп:

"Силердин баарыңардын жалпы катаңар – кемпирдин жазган арызын туура нерсе катары кабылдап алганыңарда. Бул факт. Ал эми силердин ишиңерде бардыгын күмөнгө чыгаруу биринчи орунга коюлган. Эч бириңердин алмалардын күзүндө бышарына, жоогазындар болсо жазында гүлдөрүнө акылыңар жеткен жок", – деген экен.

# Үч суроого бир жооп



Чындык издеген жаш жигит өзү камдап алган суроолоруна жооп бере турган адамдарды издеп, акылдуу адамдарды жөнөйт. Ал өз сапарында далай адамга жолукту. Бирок бирөөнөн да далилдүү, маңыздуу жооп ала алган жок. Капысынан ислам аалымына жолугуп калып, удулу келгенде баягы суроолорун узатты:

– 1. Кудай барбы? Болсо эгер анын кебетесин мага сүрөттөп берчи.

2. Тагдыр деген эмне?

3. Эмнеге шайтан оттон жаралып, тозокто кайра отко киргизилет. Өзү оттон жаралса, ал отту тоготуп коймок беле? От анын эч бир жерине зыян келтирбейт да. Алла Таала ушул нерсени ойлонбой калган окшойт, – дейт.

Суроолорун узатып бүтөрү менен эле аалым аны жаактан ары алаканы менен катуу уруп жиберди. Эч нерсеге түшүнбөй калган жаш жигит:

– Сиздин мага мынчалык ачуулуңуздун келишинин себеби эмне? – деди.

– Менин сага ачуум келген жок. Болгону бул сенин суроолоруңа бергин жообум, – деп аярлай жерге отурду.

– Муну кандай түшүнсө болот, – деди эти ачынып калган жигит.

– Сени жаака тартып жибергенден кийин сен эмнени сездиң?

– Эмнени сезмек элең. Жаак этим тырышып ооруп чыкты.

– Анда сен оорунун бар экенине ишенет экенсиң да, ээ?

– Ооба.

– Сен мага анда оорунун кебетесин сүрөттөп берчи, – деди олуя.

– Аны кантип сүрөттөмөк элем. Ошондой да болчу беле? – аңырайды берки.

– Бул сенин биринчи суроодо берген жообум. Эми айтчы, кечээ көргөн түшүңдө мен сени жаака урдум беле?

– Жок.

– Сен качандыр бир менден жаакка жейм деп ойлодуң беле?

– Жоок...

– Муну тагдыр деп коёт. Сени урган менин колум эмне менен катталган?

– Тери менен...?

– А сенин бетиң эмне менен катталган.

– Менин бетим да тери менен катталуу.

– Мен урганда чын эле жаагың оорудубу?

– Ооба, аябай ооруду.

– Бул сенин үчүнчү суроодо берген менин жообум. Калганын эсиң болсо, өзүң түшүнүп аларсың, – деген экен олуя.

# Базардан алган жер-жемиштер



Кечкисин үйүндө мейман күткөн Сабыр базарга конок камын көрүү максатында жөнөп калат. Жер-жемиш саткандардан эмнеден канчаны аларын айтып, акчасын алдын-ала эсептешип, унаасына салып коюшун өтүнүп, башка керектүү нерселерин сатып алууга жөнөйт. Нысапсыз соодагерлер алиги адамдын ала турган жемиштерине таш аралаштырып кошуп, машинесине салып коюшат. Базардан олжолуу келдим деп ойлогон Сабыр кыңылдай ырдап, конок камында кудай кошкон жубайына жардамдашып жүрдү. Бир маалда аялынын: "Апеей, Сабыр бул алганың эмне?", -деген сөздөрүн кулагы чалды.

Караса, жемиштер ташка аралаш. Эч нерсени түшүнбөй ийинин күүшөп койду. Чынында, нысапсыз соодагерлердин арам иши экенин түшүндү. Коноктор да келип кетишти. Сабыр кайрылып артка барган жок. Болгону нысапсыздарга ичинен ыйман тиледи.

Арадан бир канча жыл өтүп кетти. Күндөрдүн биринде үйүнүн каалгасы кагылганынан сыртка чыкса, баягы эки соодагер. Көп жыл мурун өтүп кеткен туура эмес иши үчүн кечирим сураганы келишиптир. Сабыр күтүүсүз келген меймандарга эбак эле сөз даярдап алгансып: "Мен да ал окуяны унута элекмин. Силер мага эч нерсе карыз эмессиңер. Силер салып берген таштарды мен ошол күнү эле чуңкурга ыргытып жибергем. Ал эми силер болсо, канча жылдан бери жүрөгүңөрдө көтөрүп жүргөн экенсиңер", – деп узатып жиберди.

# Мен жетиммин




Киши ташуу менен күнүмдүк жашоосу жүрүп, үй-бүлөсүн баккан таксист бир күнү шаардын эң байы саналган адамды үйүнө жеткирип баратты. "Белгилүү адамды үйүнө жеткирип баратам. Бүгүн да капчыгым жүз долларга кампаят го", – деп ичинен кудуңдап сүйүнүп баратты ал. Ошентип үйүнө жетип калган маалда бай машиненин эсептегичи боюнча акчасын бир тыйын ашык эмес, бир тыйын кем эмес кылып санап туруп, айдоочунун колуна карматты. Мунун бул жоругуна айран таң калган таксист чыдабай:

– Кечээ так ушул үйгө сиздин уулуңузду жеткирип келгем. Ал эч аянбай туруп, колума жүз доллар карматкан болчу. Сиз болсо минтип... Деги кызыктай киши экенсиз, – деп жиберди.

Анын таңыркаганына күлкүсү келген бай:

– Анын эмнесине таң каласың? Анын – миллионер атасы бар. Менин болсо атам жок. Мен – жетиммин, – деп айдоочунун оозун Ошту караткан экен.

# Миң момундун 900үн мусулман өлтүрөт

Дүйнө жүзүндө, анын ичинде Жакынкы Чыгыштын мусулман мамлекеттеринде пайда болуп жаткан Ирак жана Шам ислам мамлекети (ИШИМ) жана ошого окшогон радикал, кара күчкө таянган топтор дүйнө тарыхында жана ислам тарыхында болушу биринчи жолу эмес. Мындай уюшкан канкор топтордун аты жана формасы өзгөргөнү менен пайда болуу себептери жана заты кылымдар бою өзгөрбөй келе жатат



## Алгач бөрү болуп бөлүнгөндөр

Ислам тарыхында мындай көрүнүш алгач азирети Али мусулмандардын башына келген доордо пайда болгон. Азирети Али халифа болгондо азыркы Сириянын аймагында губернатор болуп турган азирети Муавия анын халифалыгын кабыл албай коёт. Натыйжада тездик менен кеңейип, башкаруу институттары жаңы калыптанып келе жаткан мамлекетке биримдик абадай керек экенин билген Али Муавияга сес көрсөтүү максатында кол топтоп барат. Ага каршы Муавия да кол топтоп чыгып, эки тарап Сыффин деген аймакта жолугушат. Негизги максаты согушуу эмес, акыйкат издөө болгон лидерлер бул жерде дипломатиялык келишимге келишет. Эки тараптан үчтөн адам чыгып, ортого бир калыс адам дайындалат. Бул калыс кандай өкүм чыгарса, ошого баш иели деп макулдашышат. Мына ушул жерден азирети Алиге кошулуп келген бир топ: «Куран менен пайгамбардын салты турганда, адамдардын сөзүнө баш ийбейбиз» деп эки тарапка тең каршы чыгат. Мына ошол адамдар «чыккандар» деген, арабчасы «харижийлер» деген аталыш менен Сыффинде биринчи жолу өзүнүн коркунучтуу жүзүн көргөзгөн.

Харижийлердин негизги өзгөчөлүктөрү: ислам маданиятынын чордонун көрбөгөндүгү, ал маданиятта калыптанбагандыгы, диний тексттердин контекстин (пайда болуу тарыхын) билбеши, Курандын аяттары менен пайгамбардын салтын заманга жана шарттарга жараша жоруй алган эмес. Ошентип, исламдык эки негизди сөзмө-сөз гана түшүнүп, ошо бойдон түз колдонгон, натыйжада оройлукка алдырган топ эч бир башчыга же аалымга баш иймек эмес. Алар диндин формалдуу тарабын гана тутунуп, аны ички дүйнөнү тазартуучу, адеп-ахлакты оңдоочу тараптарынан куру калышкан. Харижийлер диний тексттерди жашоонун өзгөрүүсүнө жараша колдоно албай, эски тажрыйбаларды ошол бойдон жаңы турмушка колдонгонго аракет кылышкан. Өздөрүнөн башкача ойлонгон адамдарга «динден чыкты» деген өкүм берип, аларды жок кылууга болот деген чечимге келишкен.

## Заманбап харижийлер

Эми жогорудагы окуянын нугу менен карап көрсөк, бүгүнкү күнү да ар түрдүү аталган, бирок заттары харижийлердикине окшош топтор көп. Мисалга Африкада пайда болгон «Боко харам» тобун алсак. «Боко харам» табиятты таануу үчүн керектелчү заманбап илим-билимге каршы чыгып, аталышы да «билимдер – арам» дегенди билдирген топ. Андан сырткары, Сирия менен Ирак аймагында «ИШИМ» деген чоң тайпа пайда болду. Ага чейин «Аль-Каида» деген бар эле. Андан мурун өздөрүн «Талибан» деп атаган харижийлердей түркөй түшүнүктөгү адамдардан турган топ болгон. Кыскасы, байыркы жана жакынкы тарыхты карап отурсаңыз, доор өзгөрсө да көз-карашы, түшүнүгү жана ой жүгүртүүсү өзгөрбөгөн, экстремисттик сыпаттарга чылк сугарылган топтор дайыма болуп келгенин көрөсүз.

Эми бул сыпаттарды талдоодо төмөнкү тарыхий фактыга өзгөчө көңүл буруубуз керек. Пайгамбарыбыз Мухаммеддин, алгачкы төрт халифанын жана башка мусулмандар жашаган мамлекеттерде прогресстин туу чокусуна жеткен учурлар шарият, табият жана коомдук илимдерди бирдей колдонуп, адамзаттын орток баалуулуктарына салым кошкон, ар түрдүү дин жана маданияттар менен биргеликте жашаган доорлор болгон. Харижийлик сапаттагы топтор болсо башка көз-карашка, маданиятка, динге, ал тургай башкача түшүнүгү бар диндешине да толеранттуу боло албаган, эч бир укукту таанып албаган радикал, зомбулукту жакшылык катары көргөн кишилерден турат.

## Харижийлер пайда болгон шарттар

Өткөн доорду жана азыркы учурду анализдей келсек, харижийлердин пайда болуусуна чиеленишкен социалдык, экономикалык жана саясий себептер түрткү болгон. Негизинен мындай себептер исламда гана эмес, башка диндерде, же динден алыс мамлекеттерде деле радикал топтордун чыгуусуна түрткү берген.

## Билим берүү

Коомдук себептердин эң негизгиси бул билим берүүнүн төмөндүгү. Азыр ислам дүйнөсүнүн билим берүү тармагын кайсыл тарабынан карабайлы, артта калганын көрөбүз. Мисалы мусулмандар көп болгону менен башка топторго салыштырмалуу сабатсыздыгы менен белгилүү. Керек болсо окуганды, жазганды да билбегендери көп. Андан кийин китеп окуу көрсөткүчтөрүн салыштырсак, башкалардан кыйла төмөн экенин көрөбүз. Мисалы «Дар уль-Фикр» деген басма үйүнүн изилдөөсү боюнча, алдыңкы өлкөлөрдө бир адам бир жылда орто эсеп менен 15тен 20га чейин китеп окуса, араб чөлкөмүндө жашаган адамдар жылына 6 бет гана окушат экен. Убагында илим-билимдин чордону саналган ислам дүйнөсүндө бир дагы мусулманды өлкөнүн улуттук китепканасын фонду жана мазмуну боюнча алдыңкы катарынан көрүүгө болбойт.

## Тарбия

Дагы бир социалдык көйгөй – келечек муунду тарбиялоо. Мусулмандардын жарымы психикалык жактан жабыркаган делет. Себеби, жүздөгөн адамды көз ирмебей туруп кырып салып, артынан бир өкүнүп койбогон адамды адам деп айтууга да ооз барбайт. Адамга кыянаттык кылмак тургай, жаныбарга, чөп-чарга жана башка диний, маданий жана тарыхий мурастарга чейин этият мамиле кылууну буюрган диндин өкүлү ушуну кылып атса, бул анын тарбиясынын тайкылыгын, психикасынын олуттуу бузулганын билдирбегенде эмнени билдирет. Психологиядагы теория боюнча, ар-намысы тебеленип, уруп-согуу жана зомбулук менен чоңойгон бала, кийин башкаларга да ошондой мамиле кылып, аларды басынтуу аркылуу ички таарынычын жана бугунан кутулгусу келет. Ушундан улам, үстүртөн эле караганда мусулман элинин балага берген тарбиясында оркойгон кемчиликтер бар экенин байкалат. Бир эле факт – парз намазда да кичине бала жонуна минип ойноосун туура көргөн пайгамбардын үммөтү жаш балдарга толеранттуу мамиле кыла албай келебиз. Натыйжада, бардыгына кара күч жана зомбулук менен мамиле кылган жаштар пайда болуп жатат.

## Улуу муунга таарыныч

Коомдук болобу, же үй-бүлөлүк болобу, жашоо стандарттардын башка өлкөлөргө караганда кескин төмөн болуусу «буга кимдир бирөө күнөөлүү» деген өспүрүмдөрдүн жана жаштардын пайда болуусуна алып келген. Мындай шарттарда жашагысы келбеген жаштардын бир бөлүгү колуна курал алып, «күнөөлүүлөрдү» жок кылууга аттанса, экинчи бөлүгү элине адамдык шарттарды камсыздап бере алган өлкөлөргө көчүп кетүүдө. Мисалы, Түркияда жүргүзүлгөн изилдөөлөр боюнча, каза болгон 1000 мусулмандын 900үнүн жаны диндеши тарабынан кыйылат.

## Коррупция менен жумушсуздук

Алдыңкы делген 60ка жакын мусулман мамлекети мунай коруна ээ экенине карабай, баарынын экономикасы Германиянын экономикасына жете албаганы өкүнүчтүү. Коррупциялык көрсөткүчтөр боюнча караганда да мусулман өлкөлөрү алдына эч кимди чыгарбай келет. Жаштыгы жана изденүүсү жетишерлик камсыз кылынбай, жумушсуз калган мусулман жаштары радикалдардын торуна түшкөн жеңил олжо болуп келүүдө.

## Исламдык принциптерге дал келбөө

Исламда башкаруу системасы ачык белгиленбесе да кеңешүү, адилеттүүлүк менен эркиндиктин камсыздалуусу негизги маселелерден. Бирок так ушул өңүттөн алганда, тагыраак айтканда, жалпы коомго тиешелүү маселеде тиешелүү тараптар менен кеңешип иш кылуу, соттордун көз каранды болбошу, саясий бийликтин тең салмактуу бөлүнүүсү жагынан караганда мусулмандар жашаган өлкөлөр эң аркада калган.

АКШдагы Жорж Вашингтон университетинин эки мусулман профессору жүргүзгөн изилдөөлөрү таң калычтуу натыйжа берген. Алар 202 өлкөнү Куран менен пайгамбарлык салттын критерийлери боюнча өлчөп көрүшкөн. Натыйжада биринчи 30 өлкөнүн арасына мусулмандар жашаган бир да мамлекет кирген эмес. 33-орунду араң Малазия алган. Кувейт 42, Түркия 71-орунга араң илинген. Өзүн ислам мамлекети деп атаган Иран 135-орунда жүрөт.

## Неохарижийлердин алдын алуу

Билимсиздик, тарбиясыздык, мусулмандардын ар тараптан артта калуусу биздин жаштарды үмүтсүздүккө түртүүдө. Ошондуктан жогоруда айтылган чиелешкен руханий, интеллектуалдык, социалдык, экономикалык жана саясий көйгөйлөрдүн себептерин аныктап, аларды чечип, мусулман жаштарынын үмүтүн ойготуу керек. Ортого «келгиле, кайрадан мусулман бололу» деген ураан таштап, ар тараптуу аракет кылуу зарыл.

ИСКЕНДЕР ОРМОН

# Кара боз

Жарыктык жаныбар Кара боз соодагердин арабасын тартып жүрүп, атактуу Шергазы саяпкердин көзүнө түшүп калганы өзүнчө бир Кудайдын буйругу чыгар, болбосо:
Аттиң ай, Толубайлыгым сен билсеңчи,
Тушунда тулпарлыгың мен билсемчи.
Туйгундай колду жарып кайкып учуп,
Туйлатып туу кармаган эр минсечи, - деп Толубай сынчы багы ачылбай кеткен күлүккө кейигендей, ким билет Кара боз да күлүктүгүн көргөзбөй өкүттө кетээр беле?

Адаттагыдай эле Шергазынын үйүндө топтошкон эл. Күзгү ат чабыштын камы. Күлүк сынатуу, тап үйрөнүү, саяпкерден кеңеш алуу. Аңгыча айылга арабасын кылдыратып соодагер дунган келип калды. Анын арабага кошкону – боруктун күң жилигиндей болгон туйтуйган тоголок кара боз асый.

Өркөчүндө тебетейдей томпоюп өлүү жоору көрүнүп турат. Кыр аркасынан соорусуна чейин желе тартып созулган кырчаңгысы да бар.

Соодагерди көрүп, Шергазы баштаган жоон топ арабаны тегеректешти. Шергазынын көзү арабадагы түйтүк Кара бозду теше тиктейт. Анын ар жак, бер жагын карап имерилип басат. Соодасы бүтүп, соодагер кетмекчи болду. Шергазы чыдай албай:

– Ой токточу, – деди.

Соодагер Кара боздун тизгинин жыйып, артына кылчайды.

– Неме болду?!

– Эчтеке болгон жок.

Шергазы бир саам буйдала калды да, күтүүсүз собол таштады:

– Атыңды сатасыңбы?

– Жалгыз атты пул этип, арабага не кошоду?

– Мен ордуна чоң, жакшы ат берем. Арабакеч, балбан айгыр. Канча жүк салсаң ошончо сал. Баарын тартат. Сеники эмне, кичинекей, түйтүк. Араба тарта албайт.

Соодагер бир аз ойлоно калып Шергазыны карады:

– Сеники канаке ат? Көрсөт?!.

Шергазы үйүн көздөй шаша басып, мамыда байлануу турган чоң жал тору айгырды жетелеп келди. Тору айгыр деген тору айгырдай эле бар, Кудайды карабаган зор жылкы болчу. Тим эле тиги Кара бозду бөктөрүп койсоң да көтөрө чуркачудай. Бука моюн, буура сан. Белине тартсаң басмайыл жетчүдөй эмес. Туяктары табактай, булчуңдары аяктай. Айгырды көргөндө аттан көзү каткан соодагердин эки көзү жайнай түштү. Жаман атка жакшы ат айырбаштайт деген түшкө кирбеген жорук да. Ал сүйүнгөнүнө чыдабай күлүп жиберди:

– Болду!.. Айрыбаш, айрыбаш, айрыбаш!

Кара бозду арабадан бошотуп, үртүгүн сыйрып Шергазыга берди. Шергазы тору айгырдын чылбырынын учун ага карматты. Ал тору айгырды алганына сүйүнсө, Шергазы Кара бозго жеткенине кубанды. Соодагер кетери менен чогулган эл Шергазынын Кара бозун тегеректешти. Кабыргасы аркайып, бирден саналат. Арык. Куйругу ысылысуктан бузулуп бөкөн болуп, сопол тартып, жыдып, чубалып түшүп турат. Байкуш Кара бозду үстүндөгү коош жабуусу гана билгизбей жашырып турган экен. Анысын соодагер сыйрып кеткен соң, тамтыгы чыгып, пардасы оркоюп ачылып калды. Эл биринен-бири өтүп дуулдап жиберишти.

– Э, кокуй, муну эмне кыласың?!.

– Ой, тору айгырдын бир санынан садага кетсин ушу!..

– Бул күлүк болуп эмнени кыйратат?!.

– О, кокуй, оой, мунуң чуркабай кара жерге кирсинчи!



Анткени менен Шергазы каухар таап алгандай сүйүнүп, жадырапжайнап кудуңдады:

– Силер билгенче качан?! Бул – мээси жок күлүк.

Жаз алды менен Шергазы Кара бозду көктөмгө агытты. Анда-санда гана жайлоого каттагандардан сурап коёт. Күз менен мал жакага түшкөндө, Шергазы Кара бозду көрүп кубанып кетти. Жаныбар толгон экен. Адам болобу, мал болобу көңүлү өссө ошо да. Эки көзү аркардыкындай бажыраят. Соорусу кара күрөң тартып, калтардын бермет кылындай жылтылдап кулпунуп турат. Жылкыдан бөтөнчө сулуу. Адам тике карай албайт. Көз уялат. Жайлоонун ээн төрүндө оттоп жүрүп, көңүлү өскөн окшойт. Чөйчөгү толуп, нык семириптир. "Баягы соодагер арабага чеккен кашаң Кара боз" деп ооз барып айткыдай эмес. Жону кулундукундай таза. Жоор менен кырчаңгыдан бармак басым калбаптыр. Энесинен кайра төрөлгөндөй өзгөрүлүптүр жаныбар.

Ошол жылы күз бою мейли ат чабыш, мейли жеке жарыш болсун Кара боз алдына жылкы салган жок. Дамамат биринчиликти ээлеп жүрдү. Шергазы андан кийинки жылдарда да Кара бозду көп чапты. Байге албай куру калган учуру болбоду. Бир ирээт Чүйдүн Кегетесинде атактуу Эшикбайдын ашы болду. Кегетинин өндүрү элге жык-жыйма. Чүй бооруңдагы күлүктөрдүн баары бүт келди. Баш байгеси эки тогуз, он жамбы. Экинчи атка бир тогуз коюлган.

Шергазы Кара бозун баласы Ниязкулга мингизип ат чабуудан өткөрдү. Күлүктөр кетээри менен айылдан ээрчий келген туугандары Шергазыны тегеректешти.

– Шеке, Кара боз кандай?

– Бүгүн намыс алып бере алабы?

Эл үстөкө-босток суроо жаадырып, биринин атын бири жөөлөп, Шергазыны тегеректешти. Бүгүн анын мүнөзү баштагыдай эмес. Көңүлсүз. "Бул сапар Кара боз сөзсүз чыгат" деп кесе айталбай жатты. Ал кандайдыр бир аттан шек алгандай кылгыргансып туруп алды. Көптө барып элдин суроосуна жооп кайтарды:

– Байкадыңарбы, аттардын ичинде бир чалыш жээрде ат баратат?

Элдин бир тобу "байкадык" дегендей башын ийкеди.

– Шегим ошондо. Ал Кеминден келди. Өмүрзак таптаптыр. Мен билгенден Өмүрзак Чүй бооруңдагы саяпкерлердин алды. Күлүктүн табын билет. Аттын жайын менден көп сурачу. Өзү күлүк ат дегенде ичкен ашын жерге коёт. Ошол Өмүрзак жээрде атты табына келтириптир.

Шергазы токтоло калды да сөзүн кайра улады:

– Эми мында бир иш бар. Аттарды Кең-Булуңга жеткире сүрүп коё берсе жээрде ат алыс келет. Кокус берки Ак-Бешимден кое берсе анда Кара боз эшик-төрдөй араң чыгат. Эгер Ак-Бешимден эңкейтип коё берсе, анда Кара боз жээрде ат менен суулукташып марага тең кирет. Байге талаш болот.

Эл дуулдай түштү. Аңгыча "Аттарды Ак-Бешимди эңкейтип коё берет экен" деген кабар угулуп калды.

Эртең менен айдалган аттар түшкө жакын келди. А дегенде алыстан бүлбүлдөп чыгып келаткан аттын караанын жакындаган дан жакындады. Аңгыча болбой анын артынан дагы бир созолонгон элес көрүндү. Ал ыргыткан таштай зуулдап, жанын жанга уруп, берки алдыңкы аттан да катуу келатат. Чыккан ат элдин аягына илине түшкөндө чуу көтөрүлдү:

– Кара боз, Кара боз!

Анын артынан сүрө келаткан кеминдик жээрде. Ал топко жакындаганда мурдагысынан да катуу чуркады. Көрсө, чууну сүйгөн жылкы тура. Тиги көпчүлүк элдин кыйкырык-сүрөөнүн укканда Кара боздун такымына учуп конгондой жабышты. Үстүндөгү балдардын тизелери кагышып үзөңгүлөрү урунушту. Марага кошунан ажырабай экөө бирдей, кылдай тең келип тийди. Жээрде аттын саяпкери Өмүрзак бакырып жиберди:

– Аттиң ай! Мара дагы бир эшик-төрдөй алыс болгондо эмне?!.

Байге талашка түштү. Эл чуулдап жатты.

– Биринчи байге менен экинчи байге кошулуп, эки атка тең бөлүнсүн!..

– Жок, андай эмес. Эки байге кошулсун. Кара боз менен жээрде кайра чабылсын. Экөөнүн кимиси чыкса ошонусу алсын.

Эки ат кайра чабылсын дегенде Өмүрзак жантыгынан кетти. Ал жээрдесинин күлүктүгүнө да, күүсүнө ишенип турат. Чынында Шергазы кайра чабышка көңүлсүз болчу. Ал Кара бозго көп ишене албады. Байгени тең бөлүп алсак деген ойдо турду.

Талаш-тартышта Өмүрзак тарап үстөмдүк кылып кетти. Айыл ошолордуку, эл ошолордуку. Эки ат кайра чабылмак болду. Шергазы Кара бозду шар суунун жээгине алып барып жайдактады. Адегенде сооруга, анан эки капталга муздак сууну чакалап урду. Ат бир аз чыйрыга түштү. Андан кийин топтон алыс бөлүндү да алыштын жээгиндеги жашаңга Кара бозду өзү жетелеп отклозду. Анын бул жалгыздаганында жашыруун сыр бар болчу. Ал Кара боздун оозугун чыгарган эмес. Ат башын жерге салып жутунган сайын суулугунан сүйөп өйдө тартып турду. Кара боздун тумшугу жерге тийгени эле болбосо, бир тал чөп үзө алган жок. Шергазынын бул амалын Өмүрзак билбей калды. Ал да атын көк чөпкө жайдактап коё берип курсагын кампайтты. Бир аздан соң Шергазы Кара бозду сууга алып жөнөдү. Ал сууну да толук ичирген жок. Шар аккан жеринен ооздугу менен 3-4 каптырып-каптырып кайра тартып алды. Алыстан байкап турган Өмүрзак жээрдени сууга ою менен коё берди. Ичи ысып турган ат муздак суудан кере жутту. Кийин Шергазы жем баштыкты кап ортолоп Кара бозго жем илди. Бул даана жемдин өзү эмес эле. Анын ичинде тоголок дан жок. Майдаланган гана кургак бетеге бар болучу. Карап турган Өмүрзак жээрде атка шаша-буша 5 кочуш жем берип жиберди. Ал Шергазынын мындай "буктурмаларын" элес албады. Тек гана Шергазы эмне кылса ошону кыла берди

Ошону менен эки ат кайра чабылды. Көптөн кийин аттардын караанын көрүндү. Кара боз алда кайда келе жатат. Ат чабым озуп алыптыр. Ал тургай мурдагысынан да катуу чуркап алган көрүнөт. Жерге жукпайт. Бүгүн буга канаты менен куш учуп жеткидей эмес!.. Мына анан ызы-чууну көрүп ал! Кыйкырык сүрөөндөн жер жарылчудай, эл ичи дүңгүрөп турду.

Оо кайда! Көптөн кийин көлшал түшүп терге чөмүлгөн жээрде ат келди. Ичи жарылып кетчүдөй дардайып көпкөн. Баягы көк чөп менен арпанын бүдүрлөрү үшүк чалган балырдай куйругунун учу менен тең атып барат. Аны көрүп турган Шергазы "Тапты билбесе ошо да" деп мыйыгынан күлүп тим болду.

САРДАРБЕК РЫСКУЛОВ
Даярдаган Рахат Акматова

# Талакты сатса болобу?

**1) Ассалааму алейкум, устаз! Кальян чексе болобу? Рахмат!**

**Жооп:** Кальян чегүүдө адам мас боло турган болсо арам, мас болбосо, бирок, акырындык менен ден-соолукка зыян жеткире турган болсо – макрух. Бир да сөзү этибарга алынган аалым бул боюнча "боло берет" деп айтпаса керек.

**2) 10 жылдык каза намазым бар. Каза намаздарды окуп бүтмөйүн нафил намаз окуганга болбойбу? Каза намаздын орду канчалык?**

**Жооп:** Каза намаз – карыз намаз. Окуп бербесе күнөөкөр болот. Ал эми нафил намаз – ыктыярдуу намаз, окуса сооп алат, окубаса күнөөкөр болбойт. Дегинкиси, шариатыбызда казасы бүтө элек болсо нафил окубасын деген сөз деле айтылбайт. Анткени менен, жогорудагы жоопту уккан адам убактысын нафилге эмес, карыз-казага жумшайт деген маани болсо керек.

**3) Менин жолдошум бир эже менен төшөк темасында тамашалашып, ачык сүйлөшө берет. Ушул шариятта болбойт да, туурабы?**

**Жооп:** Төшөк темасында эркек бир гана өзүнүн никесиндеги аялдары менен сүйлөшө алат. Башка адамдар менен бул темада сүйлөшүү арам болот. Кылганы туура эмес.

**4) Ассалааму алейкум! Ийне саюу менен багылган жандыкты, канаттууну жегенге болобу?**

**Жооп:** Ийне саюу бир канча багытта жүргүзүлөт:

- Жаныбарларды даарылоо максатында ийне сайылса уруксат. Ийне сайганда, дарынын таасири малдын денесинен чыгып кетсе, б.а. адамдын ден-соолугуна зыянсыз болсо, союп жесе болот. Зыяндуу болгон учурда, оор-жеңилдигине жараша эти арам менен макрухтун ортосунда өкүм айланат.
- Жаныбарлардын табитин ачуу максатында дары берилсе дурус, буга жогорудагы өкүм берилет.
- Жаныбарларды тез чоңойтуучу гормондорду берүү өтө жакшы болбосо да, дары бергенде жогорку эле өкүм берилет.
- Жаныбарларды шишитип жиберүүчү ийне саюу арам. А бирок ден-соолукка тийгизген таасирине жараша малдын эти арам же макрух болот.

Демек, кандай ийне сайылып, кандай дары берилгенин билүү аркылуу өкүмгө жете алабыз. Ал эми дарынын кандай экенин билүү эксперттердин иши. Мен молдого тиешелүү жаатын айтып бердим.

**5) Бала багып алганда, эгер аны эмизбесе, ал бала ошол үйгө намахрам болуп калабы? Кененирээк маалымат берип коюуңузчу? (Багылган бала менен тууганчылык жок)**

**Жооп:** Сиздин маалымат туура. Эгер бакма баланын багып алган ата-энесине тууганчылыгы жок болсо, ошол эле учурда багып алган энесинин, же жакын тууганддардын сүтүнөн эки жарым жашка чейин жок дегенде бир тамчы да эмбесе, анда ата-энесине намахрам бойдон кала берет.

Баккан ата-энеси баккандагы үчүн соопко ээ болот. Эгер, багып алган баласы жетим, же таштанды бала болсо, анда алардын сооптору андан да чоңураак болоруна шек жок.

**6) Эгер кыз 3 талак сураса, талакты сатам деп сатса болобу?**

**Жооп:** Кыз деп турмушка чыкпаганга айтылат. Турмушка чыкпагандан кийин кимден талак сурамак эле?! Ошондой болсо да айта кетсек, эркек ажырашкысы келбесе, бирок, аял ажырашууну каалап, олуттуу мааниге жетип калса, анда аял эркектин талагын сатып алууга жол берилет. Эркек макул болгон убакта бир талак боин түшөт. Бул маселе "аль хуль" деп наамдалат. Адатта, эркек үйлөнүү тоюн, калыңын камсыздап, материалдык чыгымдарга кабылгандыктан аялы менен ажырашууну каалай бербейт. Ошондуктан ушул маселе айтылган.

**7) Арак кошулган коланы байкабай ичип алса эмне болот?**

*Нурсултан.*

**Жооп:** Байкабай ичип алганы үчүн күнөө жазылат деп айтуу кыйын. Бирок байкамаксан болуп ичип алса, күнөө жазыла берет.

**8) Орусияда иштеген мусулмандар банктан процентке акча алып иштетсе болобу?**

**Жооп:** Бул суроого өткөн сандарда жооп бергенбиз.

**9) Жубайым бойдок кезинде беш маал намаз окуучу. Азыр турмуш шартка байланыштуу намазын таштап койду. Мен күнөөкөр болуп калбаймынбы?**

**Жооп:** Ага намазын тургузууга жардам бериңиз. Балким сизди эптеп алуу үчүн эле намаз окуп жүргөндүр бойдок убагында. Кандай болсо да сиз намаз окусаңыз, ал да окуп баштайт.

**10) Сизден Алла ыраазы болсун. Бүгүнкү күндө сиз бизге аба менен суудай керексиз. Аллахым өмүрүңүзгө береке, илимиңизге илим кошсун. Балам 4 жашта. Сиздей аалым болуп, динге кызмат кылса деп үмүт кылам. Сизге кантип шакирт кылып берсем болот?**

**Жооп:** Жакшы мектепке бериңиз. Мектеп жашында Куран жаттаткан мечитке каттатып, Куран жаттатыңыз. Мектептен кийин медреселерге киргизиңиз. Медресе бүткөндөн кийин мага жетелеп келиңиз, мен Хадис академияга кабыл алып, окутуп берейин. Эң негизгиси ар дайым дубада болуңуз.

**11) Ассалам алейкум! Салафиттер жөнүндө айтып бересизби, устаз? Аларга кошулган туура элеби?**

**Жооп:** Эми алар жөнүндө көп айтуунун кереги да, зарылчылыгы да жок. Андан көрө пайдалуу илимден сурасаңыз, баарыбызга пайдалуу болот.

**12) Каза намаздардын баарын чогуу окуй берсе болобу?**

**Жооп:** Жарай берет.

**13) Учурда юридикалык ишканада иштейм. Бизге документ иштери менен жарандар көп кайрылат. Жардам берип иштерин бүтүрүп келем. Берген жардамымдын мамлекетке зыяны жок. Ошондо алардын берген тыйыны пара болбойбу?**

**Жооп:** Пара болбойт. Мамлекетке зыяны тийбесе, алар өздөрү ыраазы болуп берсе, пара болуп эсептелбейт.

**14) Кыздардын тамеки чеккенин көп учуратып калам. Тамекисин ыргытып, колун кээде кайрып да коём. Бул кылганым туурабы?**

**Жооп:** Тамеки тартканы макрух, тамекисин ыргытканың жакшы, ал эми колун кайрыганыңарам. Арам, албетте туура эмес иш болот.

**15) Ассаламу алайкум! "Мусулмандын парасатынан корк" деген хадистин маанисин кененирээк айтып коёсузбу, мүмкүн болсо?**

**Жооп:** Мусулмандын назарынан калба деген маанини билдирет. Ыймандуу адамды нааразы кылсаң, ал жаман көрүп калса бириң эки болбойт, тапканыңберекесиз болуп, жашоодон жабыркап, акыретте ташыркайсың деген маани. Андыктан мусулмандарга кордук көрсөтө бергендер оңбойт, жакшылык көрбөйт.



**Атактуу аалым, кызыл тилдүү чечен Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу 0773-61-54-87 номуруна жибериңиздер!**

**16) Тамеки фирмасына иштесем болобу? Шарият буга кандай карайт? Рахмат!**

**Жооп:** Макрух. Арамга чейин барып такалуусу мүмкүн.

**17) Балам 10 жашта. Азырынча ал даарат албай эле намаз окуп турса болобу?**

**Жооп:** 10 жаштагы бала жаш эмес. Ага даарат алууну үйрөткүлө.

**18) Саламатсызбы? Сулуулук салонун ачып иштетсе болобу?**

**Жооп:** Болот. Сулуулук салонун ачканга шариат каршы эмес. Бирок шариатка каршы кээ бир иштерди жасаганга болбойт. Мисалы аялдардын кашын терген, чачын кыска кырккан туура эмес.

**19) Ассаламу алейкум! Кыргызстандан даярдалып чыккан "Алькони" аттуу тез даярдалуучу кесмени мусулман адам жесе болобу? Өкүмү кандай?**

**Жооп:** Бул боюнча менин маалыматым жок. М. Арстанбек Абу Халалдан сураганымда, ал киши бул азыктын адал экендигин айтты. Деги эле адал продукциялар туурасында, "Адал индустриясын өнүктүрүү борборуна" кайрылсаңыз мындан да толугураак маалымат берилет.

**20) Беш убак намазымды баштагандан бери, жолдошум экөөбүздүн ортобузда уруш жаңжал башталды. "Намаз окуган адамды таап ал" дейт. Талак түшпөдүбү?**

**Жооп:** Намаз жамандыктан кайтарып жакшылыкка чакыруу керек. Ошондо чыныгы намаз болот. Сиз мурдагыдан да жакшыраак мамилени күйөөңүзгө сунуш кылсаңыз, ал сизге андан да көркөм мамилени тартуулайт.

**21) Үйдөгүлөр мен каалаган кызды алып бербей койду. Мен болсо кызды ала качып үйлөнүп алгам. Аны менен жашаганыма 9 ай болду. 2 ай жашагандан кийин аябай көңүлүм калып калды. Таза эмес кыз экен. Мен ага "сени менен жашабайм" деп айтып салгам. Бул талак болуп эсептелеби?**

*Бишкек, Миргазы.*

**Жооп:** Ал сөзүңө талак түшпөйт. Эч качанды эч качан айтпа. Алган ээри жарашса, кара катын ак болот. Баккан ээси жарашса, күйпүл күчүк сак болот.

**22) Орусияда иштеген мусулмандар банктан процентке акча алып иштетсе болобу?**


**Жооп:** Болот. Төлөөгө кудурети жетерин билип алса болот. Анткени ханафий мазхабы боюнча дааруль харбтагы (мусулман эмес өлкө) мусулман менен харбийдин ортосунда рибаа жүрбөйт.

**23) Урматтуу Чубак ажы! Мен да сиздин окуучуңуз болгум келет. Сизден дин жөнүндө тереңирээк окусам дейм?**

**Жооп:** Ниетиң жакшы экен. Кудайым ниетиңе жеткирсин. Ар шаршемби жана ишембиде КАСИ мечитинде шамдан кийин сабактар болот. Кел, сени күтөбүз.

Бетти даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Момлоке чуркайт экен



Кумурскалар негизинен эле коом-коом, үйүр-үйүр болуп жашашат. Ээн талаага жалгыз барып, дейди немедей жалгыз жашаган кумурска чанда эле көрүнбөсө дээрлик жокко эсе. Мына ошол бир үйүр кумурска жашаган аймактар жашоочуларынын көптүгүнө жараша дөңчө, же дөң болуп бөлүнөт.

Кумурскалар күнүмдүк оокатын таап жеш үчүн арпа-буудай чогултуп, аңчылык кылгандан башка дагы ар кандай кесиптерде иштешет. Мисалы бирөөлөр кумурчуктарды окутуп, билим берип күнүн көрсө, бирөөлөрү башкалардын битин, жөргөмүшүн багып күн көрөт. Кыскасы, кадимкидей эле турмуш. Бирок мына ошол кадимки турмуштун арасында дагы бир кызык кесип ээлери бар. Алар момлокелер. Же саксагайлар десек да болот. Кесиби кызык дегени, булар негизи кандай учур болбосун, кайда болбосун керектүү кумурскалар. Бирок, ошол эле убакта кереги жок дагы. Мисалы, эркек кумурчук чоңоюп, ээгине түк бүткөндөн тартып өзүнө түгөй күтүп, өзүнчө уя куруп жашагысы келет. Анан издеп жүрүп түгөйүн таап, турмуш курарда эле баягы момлокеге иши түшөт. «Момлоке, сиз бовосоңуз бовойт» деп барып калат көзүн жылтыратып. Мына ушундан тартып балээ башталат. Эгер момлоке кыйылып, жок дечү болсо, анда иштин бүткөнү. Бүтүндөй кумурскага жаман көрүнүп, күн-түн дебей кеп болот. «Момло болбой кара талаада кал. Эки жашты үйлөп койсо эмне болот эле?! Эмне башка момло жок бекен? Апкелчи менделе үйлөп салайын. Негизи илбой эле кумурска үйлөсө болот!» деп чамынышат. Бирок, бул момлоке үйлөгөнгө барса эле кеп болбой калат дегенге жатпайт. Себеби, момлоке барса да, барбаса да кепке калат. Корксо да бит өлөт, коркпосо да бит өлөт деген ле кеп. «Мына момлокеге иш табылды. Эми капуста сындырып жыргайт» деп бири айтса, дагы бири «той болсо да, аш болсо да ушулар жыргап төрдө отурат» деп күбүрөйт. Кыскасы, кайран момлокеге кыйын эле. Барса да ошол, барбаса да ошол.

Баса ушул эле дейсиңерби? Бу момлокелер турган турушу менен бүтпөс кеп. Мисалы, бир кумурска жаш кезинде ачыткыдан өлгүчө жутуп жүрүп, кийин данебаш болуп кетсе, манекбаш болуп кетсе, же такыр эле уяхан болуп кетсе да эч нерсе эмес. «Аа азамат! Мына оңолду. Карачы кандай жакшы иштерди кылып атат» деп мактап-жактап бүтө албай калышат. Ал эми ошондой эле бирөө ачыткыдан согуп жүрүп, кийин момлоке болуп кетсе анда анын артынан кеп түгөнбөйт. «Эй сен кечээ эле ачыткы согуп жүрбөдүң беле? Бүгүн акыл айтып калдыңбы?» деп тийишип турушат. Ал тургай момлокеге чуркаганга да болбойт. «Опээй, тигини кара, момлоке чуркап баратат» дейт көргөндөр.

Эми ушунун баары аз келгенсип, тээ Жогорку Данекте отурган Айда Салиго да момлокелерди көрүп калыптыр. Араң турган кумурскалар ого бетер чуулдап эле калды. Ал эмес момлокелердин өздөрү да дуулдап жибериши. «Момлоке үйлөбөсүн дейби? Анда ким үйлөйт? Момлоке үйлөбөй койсо эле кумурчуктар туулбай калмак беле?» деп чуруллады алар. Анткени менен Айда чынында кыйын данекбаш. Бул маселени мындан башка данекбашы да, манекбашы да көтөрбөй, коркуп отурган. Мына эми эркектен эркек Салиго коркпой-үркпөй алып чыкты. Балким башка данекбаштар өздөрүнүн 2-3төн ургаачы үйлөтүп алганын ойлоп унчукпай отурса керек. Баса, эртеңки күнү Айда «2-3 ургаачы алгандар да зынданга кетсин» дечү болсо, бул данекбаш короо-короосу менен зындандын түбүнө тыгылат го. Кумурзстан бир саам эс ала түшөт беле ошондо...

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Мастандын энесин издегени

*(Уландысы)*

– Мастанга окшобойт дейсизби? Эмне сиз аны билесизби? – деди бала таң кала. Ага негизи кемпирдин таарынычынан да, кудум жомок китептеги мастан кемпирди тааныгандай сүйлөгөнү кызык болду.

– Кимди, мастандыбы?

– Ии, мастан кемпирди билесизби?

– Билбегенде эмне... Аз жерден «ал мына менмин» деп дагы айтып жибере жаздады. Тим эле тилинин учуна келип токтоду. Бул жерге эмнеге келип отурганын, азыр негизги максаты баланы чочутпаш керек экенин эстеди. Бала болсо ага ишенбегенсип, ого бетер такыйп берди.

– Билсеңиз кана айтыңызчы? Ал кандай болот?

– Ммм, албы? Ал деген... ал деген... Мастан эми кантип кепти улашты билбей мукактанды.


– Мына көрдүңүзбү билбейсиз, – деп жарылдап жиберди бала. Мастан айласы жок макулдугун билгизип кутулду.

– Макул, мен билбейт экемин. Анда сен айтчы ал кандай болот?

– Мастанбы, мастан деген, мына мен азыр окуп берем.

Бала ушинтти да китебин барактап бир нерсени издей баштады. Бир маалда тапты окшойт, шатырата окуп кирди.

– Мына угуп туруңуз. Илгери, илгери алыскы токойдун ичинде мастан кемпир жашаптыр. Анын тооктукундай буту бар жепирейген үйү болгон экен. Ошол буту менен мастан кемпир үйүн каалаган жагына бастырып кетчү имиш. Баса, ал кемпирдин бир мышыгы жана бир шыпыргысы да болуптур. Ал шыпыргысын минип алып, алыс жактарга учуп, тамак издеп келчү...



Мастан кемпир ушул жерден күлүп жиберди. Ал бала окуп баштагандан бери эле күлкүсүн баса албай отурган.

– «Тооктукундай буту бар үй» дегенин карап кой. Менин үйүмдүн канаты бар, канаты. А учуш үчүн шыпыргынын кереги жок. Сыйкырдуу суудан ичип алган соң, каалаганыңды кармап учканга болот.

Мастан чынында өзүмчө эле ойлонуп атам го деген. Адамдар өзү тууралуу таптакыр туура эмес айтып жүрүшкөнүн укканда бир туруп күлкүсү келип, бир туруп ачууланып жаткан. А андайда көп эле киши ушинтип сүйлөнө баштайт эмеспи. Мастан кемпир да байкабай сүйлөнүп алды. Балким, ал дагы көп нерсе айтмак болуш керек. Бирок, бала анын оюн бөлүп жиберди.

– Сыйкырдуу суу менен учканга болот дедиңизби, апа?

Кемпир баланы жаңы көрүп аткансып бир саам таңыркай карады. Бечара, ойго ушунча берилип кеткендиктен кайда турганын да унутуп калыптыр. Бир аздан кийин гана эсине келди да, эмне дээрин билбей кайсалап калды.

– Я кокуй! Караңгүн капсалаң! Мен эмне деп дөөрүп атам. Кайдагы учкан суу балам? Карыганда адам дөөрүп калат тура, – деп ал кепти башкага бура баштады. Бала эми ага боору ооруй карады. Бир маалда ал:

– Астыңызга сыз өтүп кетти окшойт. Мен үйдөн талпак алып чыга калайынчы, – деп колундагы китебин кемпирдин жанына коё салып чуркап кетти. Кемпирдин жообун деле уккан жок. Мастан аны кетирбей кармап калайын деди эле, бирок тигил шуу койгон бойдон карматпай кетти. Кемпир эми эмне кыларын билбей эки жагын элеңдей каранды. Тигине көчөнүн ылдый жагында бир киши келетат. Балким, ал мунун атасыдыр. «Кой эртерээк кетейин» деди ал. Аңгыча анын көзү тиги бала таштап кеткен китепке илинди. Көз алдында ачылып турган баракты көрүп, алгач чочуп кетти. «Шумдугуң кургур!» деди ал күбүрөнүп. «Бул апакем турбайбы». Анан китепти шып ала коюп койнуна катты да, токойду карай жөнөп кетти.

## Мастан кемпирдин үйү

Мастан кемпир дуңкулдап басып отуруп бир заматта үйүнө жетип барды. Эми анын үйүн силерге кантип айтып берем билбейм. Балким мастан кемпир жаш кезинде жыйнактуу, таза, тыкан жашагандыр, анысын ким билсин. Бирок, азыркы абалын көрсөңөр эми бир укмуш. Картаң кемпир үйүнө киргенден кийин өзүнчө шердене калып, ары-бери дүңкүлдөй басканда шыптан чаң куюлуп, жерден топурак көтөрүлдү. Көрсө апалар бекеринен такыр үй жыйнабаган, таза жашабай, жүдөп-какаган кыздарды мастан кемпир дешпейт тура. Же ошондой тазалыкты билбеген кыздар балким ушул мастан энесин тартып калганбы?.. Айтор ушу бир жакындык бардай ортодо...

Кыскасы, мастандын үйү ушунчалык бытырап, чачылып жатыптыр. Тигил бурчта ичиндеги күлү оозунан куюлуп, сапырылып турган чоң кара меш, анын үстүндө сорпо кап ортосунан болуп челкилдеген казан турат. Сорпо ушунчалык көп болгондуктан бул кемпир аны эки жарым айда араң түгөткүдөй. Балким, ал ушунтип бир казан тамак жасап, жарым жыл ичип жашай береттир.

Тфу, бетиң кургур!.. Айтпадым беле... Карагылачы тигинде турган желени. Тим эле самсаалайт. Жок, силер жанагы кээ бир жалкоо кыздардын үйүнүн үстү желе болуп кетет го. Ошондойду көрүп ушунча жийиркенип атабы деп таң калбагыла. Албетте, ал деле жакшы көрүнүш эмес дегилечи. Бирок, мен мастандын тиги капталда турган текчесин айтып атам. Анда кемпирдин идиш аягы, кандайдыр бир суюктуктар куюлган шишелери турган экен. Жанагы мен айткан самсаалаган желелер так ошол идиш аяктарды ушунчалык ороп калыптыр. Пай-пай –пай! Эми андан бир чыны, же бир кашык алыш үчүн жөргөмүштөр менен бир айдай согушуш керек окшойт... Ооба, ошол идиш аяктан тартып үйдүн берки капталында турган көрөн-шөрөнгө (чынын айтайын ал жерде эмнелер турганын көрө албаганым үчүн көрөн-шөрөн деп айтууга туура келди. Болбосо силерге бүт баарын санап деле бермекмин) чейин чырмалышып, оролушуп калыптыр. Үйдүн ушунча болгонуна караганда бул үйгө жөргөмүштөр биротоло өздөрүнүн падышачылыгын орнотуп алышкандай.

*(Уландысы бар)*

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



## Азыктар куржуну

Ош базардагы күнүмдүк тамак-аштын баасында өзгөрүү байкалган жок

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ун (жогорку сорт) 45 сом | Кой эти 240 сом | Пияз 15 сом | Сабиз 20 сом |
| Өсүмдүк майы 100-110 сом | Тооктун буту 125 сом | Кумшекер 55 сом | Картошка 15 сом |
| Күрүч 75-130 сом | Жумуртка (10 даана) 66 сом | Уй эти 280 сом | Алма 50 сом |
| Макарон 40 сом | Кесме 50 сом | Сүт (кутучада) 40 сом | Банан 90-120 сом |






## САПТЫК ЖАРНАМАЛАР

600 орундуу тоок багуучу тор (сетка) сатылат. Бишкек шаарында. Баасы келишим түрдө.
тел.: 0700 001 665 0772 168 965

Бишкектин Көк-Жар жаңы конушунун тургундары үчүн сонун мүмкүнчүлүк пайда болду. Кичине уул-кыздар үчүн атайын англис, корей тилдерин үйрөтүү борбору ишке кирди. Чамдаңыздар. Толук маалымат алуу үчүн төмөнкү номерге чалыңыз. 0700 32 06 27

"Бактылуулуктун формуласы", "Чексиз нур", **"Риядус салихин"**, "Ыйманга чакыруунун жолдору", "Мусулман аялзаты үчүн зарыл китеп", "Чырпыктан чынарга", "Жаназа" ж.б сонун-сонун китептер. **Мунун баарын "Дил Азык" басма үйүнөн табасыз.**
Бишкек шаары, Медеров көчөсү 73.
0776501509 , 0706501509 ватсапп 0559501509

Калыс-Ордонун баш жагынан 3 бөлмөлүү үй сатылат. Жеринин аянты 4 сотка. 15 500 доллар.
Тел.: 0 778 209 955

Профилдик трубаларды жасайбыз жана сатабыз. Дүң жана чекене баада. ЖЧК "Темир-Про"
0 553 77 33 58, 0 703 25 50 44
Бишкек ш., Фрунзе заводу (Интергельпо көчөсү)

Зер буюмдары дүң баада сатылат.
0 553 77 33 58

**Газетабызга саптык жарнамаларды кабыл алабыз**
Байланыш телефону:
0 (703) 73 82 31

Улуттук авточехолдор! Бардык түрдөгү жеңил унааларга! Болгону 4500 сом! Whatsapp 0773477055

**"Ыйман" фонду «Калем жана ыйман» жыйнагынын экинчи китебине кире турган чыгармалар үчүн сынак жарыялайт.** Жыйнакка адеп, ыйман, мекенди сүйүү, мээрим, боорукердик, ынтымак, достук, ата-эне, улууга урмат, кичүүгө ызаат темаларын чагылдырган проза жана поэзия жанрындагы көркөм чыгармалар тандалып алынат.

**ЭСКЕРТҮҮ! Буга чейин китеп болуп чыкпаган жана жыйнактарда жарык көргөндөр кабыл алынбайт.**

Чыгармалар 2016-жылдын 1-мартына чейин кабыл алынат.

**Толук маалымат үчүн** Эркиндик бульвары 56 дарегине, же www.iyman.kg сайтына кайрылыңыз.
info@iyman.kg, adambololu@gmail.com
**Тел.: 0556625130, 0707272210**

Журналистика бөлүмүндө окуган студенттерди «Саресеп» гезитине практикага чакырабыз. Резюмеңиздерди saresep@mail.ru дарегине жиберсеңиздер болот.
Тел.: 0 703 73 82 31





